# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| N°10 (296) | 27.10.2023. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


*Башкы сөз*

# Тил форуму – биримдикке жол!




2-БЕТ



Садык АЛАХАН

## "АТА-БАЛА АЙТМАТОВДОРГО АРНАЛДЫ"

9-БЕТ



МУХТАР ДАВЛЕТОВ:

## ААЛАМДАШУУ – МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ – КОТОРМО

10-11-БЕТТЕР



Жеңишгүл ХУЛХАЧИЕВА:

## РОССИЯНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУ ТАЖРЫЙБАСЫ

13-БЕТ


**ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484**
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫКА БАА **265.68** СОМ

# Бишкек шаарында Түрк элдеринин эл аралык тил форуму жогорку деңгээлде өттү

*Форум Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы, ТҮРКСОЙ эл аралык уюму менен биргеликте уюштурулду.*

Форумдун негизги максаты – бир боордош өлкөлөрдүн маданият жана тил чөйрөсүндөгү кызматташтыгын кеңейтүү, өнүктүрүү, тилдин коопсуздук маселелерин талкуулоо эле.

Форумга Түркия, Азербайжан, Казакстан, Өзбекстан, Каракалпак, Түркмөнстан, Россиянын Якутия, Алтай аймактарынан жана Венгрия, Германиядан же жалпы 11 өлкөдөн тилчи окумуштуулар келишти. Ал эми Кыргызстандан КР Президентинин Админисрациясынан, ЖК депутаттары, элчилик корпус, мамлекеттик жана муниципалдык органдын кызматкерлери, тилчи окумуштуулар, коомдук ишмерлер, жалпысынан 300гө жакын адам форумга катышты.

Форумдун иштиктүү бөлүгү Novotel мейманкасында өтүп, жыйынды КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев алып барды. Бекитилген программанын негизиндеги салтанаттуу ачылышта КР Мамлекеттик катчысы С.Касмамбетов, КР Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары Н. Азыгалиев, Түрк тилдүү мамлекеттер уюмунун Аксакалдар кеңешинин мүчөсү М.Шеримкулов, ТҮРКСОЙ уюмунун Башкы катчысы С.Раев, Түрк маданияты жана мурасы фондунун президенти Г. Эфендиева, Эл аралык түрк академиясынын президенти Ш. Мустафаев, Түркия Улуттук Жогорку Кеңешинин депутаты, академик Р. Эрсой, Түрк мамлекеттер уюмунун Башкы катчысынын орун басары Е.Серикулы, КР УИАнын академиги А.Эркебаев, Түрк кызматташтык жана координация агенттиги башкармалыгы, Бишкек офисинин программалык координатору М. Бодур, «Маариф» фондунун башкаруу комитетинин жетекчиси Б. Акгүн, Ататүрк тил, тарых жогорку курумунун президенти Д. Өрс жана Венгер илим изилдөө институтунун башчысы Б. Фехер куттукташты. Андан кийин КР УИАнын академиги С.Мусаев «Түрк тилдеринин жазуу системасы жана аны унификациялоо принциптери» деген темада жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинен профессор Т.Садыков «Түркологиянын морфонологиялык парадигмасындагы теориялык жылыштар жөнүндө» деген темада негизги баяндамаларын окушту.

Форум эки секцияда уланып, биринчи секция - «Тилдик ыңгайлашуу (интеграция), адам таасири жана тил саясаты» аталышта иш алып барып, "Азербайжан тилин өнүктүрүү жана коргоо – мамлекеттик саясаттын бөлүгү катарында" темасы менен Азербайжан Республикасынын Мамлекеттик тил комиссиясынын мониторинг борборунун директору С.Алиева, Өзбекстандын Самарканд мамлекеттик чет тилдер институтунун профессору М.Абдиев "Жаңы Өзбекстан" коомун куруу процессинде мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жолдору жана келечеги", "Түрк тилдүү элдердин тилдик интеграциясы" темасында Казакстандын профессору Б.Сейсенбекулы, Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети, «Түрк таануу жана алтай таануу илим изилдөө» борборунун директору, ф.и.д., К. Сарткожаулы «Донгойншире комплекси», Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин филология бөлүмүнүн башчысы, ф.и.д., Б. Сагынбаева «Түрк тилдериндеги тыбыштык шайкештиктер» темасында ж.б. баяндамалар окулду.

Экинчи секция - "Тилдик өзгөрүү, байланыш (коммуникация) жана жасалма интеллект" аталышта өтүп, Түркиянын Ардахан университетинин доктору (PhD) М.Орозобаев «Түркияда түрк тилинин жаңы этимологиялык сөздүгүн түзүү аракети жана буга чейинки этимологиялык сөздүктөр», Түркиянын профессору Х. Ченгел «Кыргыз тилинин тарыхы жана түрк дүйнөсүндөгү азыркы абалы», Нукус мамлекеттик педагогикалык институтунун профессору (PhD) Ы. Куттымуратова «Каракалпак регионундагы Кунгар жана Казак диалектисинин сакталышы», КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын Орусиядагы өкүлү Б. Бапанов «Диаспоралардагы эне тилдин сакталышы» аталыштардагы ж.б. жалпы эки секциядан 30дан ашык илимий баяндамалар окулуп, ошондой эле The Cramer Project компаниясынын негиздөөчүлөрү У. Абдуразаков, Н. Бакашов – «Салам, менин атым AkylAI» – кыргыз тилиндеги жасалма интеллект жардамчысы менен тааныштырды.

Жыйындын соңунда айтылган сунуш пикирлерди эске алуу менен форумдун резолюциясы жана Бишкек декларациясы кабыл алынды.

Форумдун экинчи күнү иш-чаранын катышуучулары "Ата-Бейит" мемориалдык комплекси менен таанышып, гүлчамбар коюлду.

Форум өз ишин ийгиликтүү аяктады. Баардык маалыматтар УТРК, ЭлТР жана башка телеканалдар, радио, ЖМКлар аркылуу жайылтылды.

# Лейлектеги "Улут наркы улуу тил" жыйыны

2023-жылдын 24-октябрында Баткен облусунун Лейлек районунда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" жыйыны өттү.

Жыйынга улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев, Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы Канимет Осмонбеков, шаар мэри, район активи, кадр, иш кагаздар менен иштөө бөлүмдөрүнүн адистери жана мугалимдер катышты.

Жыйында Лейлек районундагы мамлекеттик тилдин абалы, иш кагаздарынын жүргүзүлүшү, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы тууралуу" маселелер каралып, аталган темалар боюнча тиешелүү жетекчилер баяндама жасашты.

Жыйын соңунда каралган маселелер боюнча талкуудан соң кайрылуу кабыл алынып, Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө салым кошкон районунун мыктыларына КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары тапшырылды.

# КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы – Россия Федерациясында



2023-жылдын 19-октябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрөгасы Каныбек Осмоналиевдин Россия Федерациясына болгон иш сапарынын алкагында Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы элчилигинин расмий өкүлдөрү А. Өмүркулова, Г. Байымбетованын жана Россия Федерациясындагы кыргыз диаспорасынын жетекчиси Б. Бапановдун катышуусунда К. Осмоналиев акын, жазуучу, мурдагы кыргызстандык жердешибиз М.И. Синельниковго эл аралык ТҮРКСОЙ уюмунун башчысы Султан Раевдин өтүнүчү менен ТҮРКСОЙдун алтын медалын тапшырды. Жолугушуунун жүрүшүндө мамлекеттик тилдин келечеги жана жалпы эле тил саясаты боюнча пикир алмашуу болду. Ал эми ушул эле күндүн экинчи жарымында Төрага К. Осмоналиев Евразия экономикалык комиссиясында болуп, экономика департаментинин жетекчиси Алтынай Өмүрбекова баштаган жамаат менен жолугушту. Жолугушуунун жүрүшүндө мамлекеттик тилдин актуалдуу маселелери көтөрүлдү жана кызматкерлер арасында мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо тестти уюштурулду.

Кийинки жолугушуулар РУДНдин алдындагы Орус тили университетинде жана В.Жириновский атындагы Дүйнөлүк цивилизация университетинде болуп өттү.

РУДНде К. Осмоналиев институттун директору, профессор А.В. Должикова менен жолугушту, ал эми Дүйнөлүк цивилизациялар институтунда Москвадагы мекендештер арасында тыгыз пикир алмашуулар болуп, кыргыз тилин өнүктүрүүгө кошуп жаткан салымдары үчүн бир нече инсанга Улуттук тил комиссиясынын сыйлыктары тапшырылды.

***

20-октябрда Каныбек Осмоналиев РФ РАО ЕАОКО Президенти, академик В.А. Болотов жана РАНХ и ГС профессору И.А. Вальдман менен жолугушуп, илим жана билим жаатындагы маселелер боюнча пикир алмашты.

Ушул эле күндүн экинчи жарымында Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинин ректору И.А. Краева жана университеттин проректорлору менен жолугушуп, МГЛУда кыргыз тилин чет тили катары окуу процесси, Ч.Айтматов атындагы кыргыз тили жана маданияты борборунун ишмердүүлүгү туурасында кызыктуу маектешүү болду. Аталган жолугушуунун алкагында К.Осмоналиев МГЛУнун ректору И.А. Краевага «Кыргыз тили» төш белгисин тапшырып, студенттерге кыргыз тилин үйрөнүүгө шарт түзүп жатканы үчүн ыраазычылык билдирди.

Ошондой эле МГЛУнун КМШ жана жакынкы чет өлкөлөрдүн тилдери жана маданияты кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент Ж. Хулхачиевага кыргыз тилин жана маданиятын чет жерде таанытууга кошкон салымы үчүн Ардак грамотасын тапшырды. Мындан тышкары МГЛУда кыргыз тилин экинчи чет тили катары окуп жатышкан студенттер менен Ч.Айтматов атындагы кыргыз тили жана маданияты борборунда жолугуп, тил үйрөнүү процесси, келечектеги кызматташтык багыттары туурасында кызыктуу маек курду.

***

21-октябрда Каныбек Осмоналиев иш сапарын Санкт-Петербург шаарында улантып, Кыргыз Республикасынын Санкт-Петербургдагы башкы консулдугунун вице-консулдары, Санкт-Петербург шаарындагы кыргыз диаспорасынын төрагасы жана мекендештер менен жолугушуп, алардын көйгөйлөрүн угуу менен кыргыз тили маселесинин тегерегинде маек куруштту. Аталган жолугушууда К. Осмоналиев аткарылып жаткан иштери жана быйыл кабыл алынган мамлекеттик тил жөнүндө Конституциялык мыйзамды чечмелеп берүү менен мекендештердин суроолоруна жооп берип, бир катар сыйлыктарды тапшырды.

Жыйында "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин директору Б.Б.Топоева-Ставинская катышып, тилди билүү деңгээлин аныктоо тести боюнча кеңири маалымат берди.

Күндүн экинчи жарымында К.Осмоналиев жетектеген Кыргызстандык адистер Россияда эмгектенип жүргөн таластык мекендештердин жылдык отчетуна арналган иш-чарага катышты. Каныбек Осмоналиев кыргыз тилинин жалпы өнүгүүсү, кыргызстандык мекендештерибиздин бири-бири менен бир туугандык алакасы, келечекке умтулуулары ж.б. маселелер менен ой бөлүшүп, сыйлыктарын тапшырды.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ
№10 (296)
27 10 2023
kyrgyztili@mail.ru

# БАЙЫРКЫ ТҮРК-КЫРГЫЗ (БИТИГ) ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНДЕ (VII-X кк.) БАЙЫРКЫ ООЗЕКИ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ИЗИ



**Нурдин УСЕЕВ,**
**Эл аралык Түрк академиясы, доктор (PhD)**

Байыркы түрк жазма эстеликтерин, анын ичинде Кыргыз кагандыгынан (VII-X кк.) калган Энесай жазма эстеликтерин изилдеген окумуштуулардын бардыгы бул жазма эстеликтердин тилин орток жазма тил, койне катары баалашкан. Мисалы, С. Е. Малов Энесай жазма эстеликтеринин тили тууралуу мындай деген: "Что же теперь сказать о языке эпитафий бассейна р. Енисея? Памятники – киргизские в этом общем государственном смысле, язык – общий, стандартный, эпитафийно-рунический". Күбө болгонубуздай, С. Е. Малов Энесай жазма эстеликтерин жалпы жонунан алганда кыргыздардыкы деп белгилегени менен тилин жалпы, стандарттуу, бардык түрк жазма эстеликтерине мүнөздүү тил деп эсептеп жатат. Ал эми И. А. Батманов Энесай жана Орхон жазма эстеликтеринин тилдеринин окшоштугун бул жазма тилдин ошол мезгилдеги түрк урууларына орток тил экендигине байланыштырат. Э. Р. Тенишев да огуз, кыпчак, кыргыз, уйгур жана башка түрк уруулары байыркы түрк жазма эстеликтеринин тилин орток адабий тил катары колдонгон деп эсептейт. Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин тилинин ошол мезгилдеги түрк урууларынын бардыгына таандык орток, жазма тил экендигин тарыхый булактар да тастыктайт. Мисалы, кытай тарыхый булактарынан “Синь Тан Шу (Тан сулалесинин жаңы тарыхы)” аттуу эмгекте “Алардын (кыргыздардын) жазуусу жана тили уйгурлардыкына абдан окшош” деген маалымат берилип, кыргыздар менен уйгурлардын тилдеринин өтө окшош экендиги баса белгиленген. Демек Энесай жазма эстеликтерин калтырган байыркы кыргыздар, Тес, Тариат, Шине-Ус сыяктуу жазма эстеликтерди жазган байыркы уйгурлар жана Орхон жазма эстеликтерин тартуулаган көктүрктөр бир эле жазууну колдонушуп, орток адабий тилде жазышкан.

Белгилүү болгондой, күнүбүздө адабий тил деп бир же бир нече диалектинин негизинде иштелип чыккан, белгилүү бир адабий нормага салынган, сөздөрдүн айтылышы жана жазылышы такталган, жазуу эрежелери унификацияланган, жазуу жана оозеки түрдө жалпы эл тарабынан коомдук чөйрөдө кеңири колдонулган тилди айтабыз. Бүгүнкү күндө адабий тилдин ченемдери керектүү эрежелер менен аныкталып, билим берүү, саламаттыкты сактоо, массалык маалымат каражаттары, мамлекеттик башкаруу, маданият сыяктуу жалпы элге тиешелүү тармактарда колдонулушу атайын мыйзам менен бекитилген. Башкача айтканда, адабий тил – бул мамлекеттик бүтүндүктү, жалпы элдик биримдикти камсыздаган коомдук-маданий кубулуш. Филологдордун басымдуу бөлүгү адабий тилдин келип чыгышын жазуу менен байланыштырышат. Ошону менен бирге коомдук-саясий жараяндар да адабий тилдин калыптанышында өтө чоң роль ойнойт. Мына ушул өңүттөн ала турган болсок, байыркы түрк (кыргыз) жазуусунун жана бул жазуунун негизинде калыптанган орток адабий тилдин келип чыгышына VII-IX кылымдар аралыгындагы түрк элдери түптөгөн мамлекеттер түрткү болгон. Анткени бул кылымдар аралыгында Борбордук Азияда Байыркы Түрк Каганаты (552-630, 682-740-жж.), Өтүкен Уйгур Каганаты (740-840-жж.) жана Улуу Кыргыз Каганаты (840-920-жж.) курулуп, түрк элдери мына ушул мамлекеттердин курамында биргеликте болушкан. Аталган мамлекеттердин коомдук-саясий жана экономикалык талаптарынан улам байыркы түрк (кыргыз) жазуусу иштелип чыгып, бул жазуунун аркасында орток адабий тил калыптанган. Окумуштуулардын басымдуу бөлүгүнүн пикири боюнча бул адабий тил огуз түрк тилинин негизинде түзүлүп, уйгур жана кыпчак өзгөчөлүктөрүн да өз ичине камтыган. И. В. Кормушин алгачкы жазма эстеликтер көктүрктөр тарабынан жазылган үчүн алардын тили жалпы орток тилде басымдуулук кылган деп эсептейт. Ошону менен бирге орток тилге башка түрк тилдеринен сөздөр, туруктуу сөз айкаштары жана грамматикалык каражаттар кирип, бул тилдин жалпылыгын күчөткөн деген ойду айтат. Чындыгында эле Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин тили канчалык орток адабий тил болбосун, айрым жазма эстеликтерден диалектилик өзгөчөлүктөрдү көрүү мүмкүн. Башкача айтканда, VII-IX кылымдар аралыгындагы байыркы орток түрк адабий тили бир гана тилдин, огуз тилинин, же кыпчак тилинин гегемониясында түзүлгөн бир өңчөй тил эмес, ошол мезгилдеги түрк урууларынын тилдеринин айрым өзгөчөлүктөрүн өзүнө алган чогултма тил сыяктуу. Мунун себеби ошол мезгилдин коомдук-тарыхый шарттарына байланыштуу. В. В. Виноградов Орто кылымдардагы адабий тилдин өзгөчөлүктөрүнүн бири катары анын диалектизмдерге бай болушун көрсөтүп, мына ушул кээ бир диалектилик өзгөчөлүктөр адабий тилдин нормасына айланган деп эсептейт. Ушул сыңары, Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин тили да ошол мезгилдеги байыркы түрк урууларынын тилдеринин өзгөчөлүктөрүн камтыган жалпы орток тил. Башкача айтканда, бул орток тилде диалектилик белгилер көп. Мисалы, азыркы тапта түрк тилдеринин огуз тобунда сөз башында көбүнесе б тыбышы орун алса, кыпчак тобуна кирген тилдерде м тыбышы басымдуулук кылат: бен-мен, бинүү-минүү ж.б. Азыркы түрк тилдеринде учураган бул тыбыштык айырым Орхон-Энесай жазма эстеликтеринде да көрүлөт. Алсак, Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин басымдуу бөлүгүндө сөз башында б тыбышы болсо, Энесай жазма эстеликтеринин айрымдарында м тыбышы орун алган: бен (Орхон-Энесай ж.э.) – мен (Энесай ж.э. айрымдары), беңгү (Орхон-Энесай ж.э.) – меңкү (Энесай ж.э. айрымдары), Билге Тунйукук, бен, өзүм Табгач илиңе кылынтым (Билге Тунйукук, мен, өзүм Кытай өлкөсүндө туулуп өстүм) (Тунйук); Бен теңри элимке элчиси эртим (Мен ыйык мамлекетиме (кудайдын) элчиси элем).

"Йети йегирми йашымта мен теңри элимке кара болдым, бөкмедим, айыта, эсни (Он жети жашымда мен ыйык мамлекетиме кара болдум (эрезеге жетип чоңойдум), тойбодум, аттиң ай, (муну) эске тут)".

Анча такы эриг йерте ирсер, анча эриг йерте беңгү таш токытдым, битиддим (Андай оңой жеткен бир жер болгондуктан мындай оңой жеткен жерде түбөлүк таш тургуздум, жаздырдым) (Көл Тигин ж.э.); Буңка тура беңкү тикер мен, айыта (Кайгымуң ичинде эстелигин тургузуп жатам мен, аттиң ай).

Меңкү кайа... (Түбөлүк кайа).

Күбө болгонубуздай, Энесай жазма эстеликтеринде жазма эстеликтердин бардыгына таандык айрым тилдик көрүнүштөрдүн бөлөк варианттары, тагыраак айтканда, диалектик өзгөчөлүктөр жолугат. Мунун себеби Энесай жазма эстеликтерин жазган адамдар кээ бир тексттерде ошол мезгилдеги адабий тилдин нормаларын сактабай, өздөрүнүн оозеки тилинин өзгөчөлүктөрүн киргизип жиберишинде жатат. Учуру келгенде айта кетчү нерсе, айрым окумуштуулар муну башкача түшүндүрүшөт. Мисалы, Х. Ш. Усердин ою боюнча Көл Тигин, Шине-Ус, Билге Каган жазма эстеликтери сыяктуу Орхон жазма эстеликтери кагандарга, колбашчыларга арналып жазылган үчүн башкаруучу түрк уруусунун тилдик өзгөчөлүктөрүн камтыса, карапайым калк, жөнөкөй эл тарабынан жазылган Энесай жазма эстеликтеринде жергиликтүү диалектилик өзгөчөлүктөр да бар. Аты аталган окумуштуунун Энесай жазма эстеликтериндеги диалектилик өзгөчөлүктөр тууралуу айткандары негизинен туура болгону менен, муну башкаруучу топ менен жөнөкөй элдин ортосундагы айырмачылык аркылуу түшүндүрүүсү чындыкка дал келбейт. Себеби Энесай жазма эстеликтеринин басымдуу бөлүгү ошол мезгилдеги кыргыз бектерине, кандарына жана баатырларына тургузулган. Диалектилик өзгөчөлүктөр жөнөкөй адамдарга эмес, эл башкарган бектерге таандык жазма эстеликтерде да байкалат. Мисалы, сөз башындагы "к" тыбышынын ордуна "г" тыбышы орун алган Хемчик-Чыргаакы жазма эстелиги эл башкарганын көргөзгөн Йула эр атын алыш үчүн өлкө тышында жети эрдик жасаган баатыр бекке, алтыны сайдагы таш сыяктуу арбын бай адамга тургузулган. Бирок ал жазма эстелигинде адабий тилдин нормасына ылайык сөз башында "к" жазылышы керек экендигине карабай "г" тыбышын жазып койгон: Баш иче барым, йаш иче йылкы эсизиме, абда гейик атмак не эргей (Баш (кап, баштык) ичинде байлык, чөп ичинде (жайытта оттогон) жылкы кайрандарыма (тойбодум). Ууда кийик атмак не болот (ким кийик атып байлык топтойт)?). Ошол эле мезгилде башка Энесай жазма эстеликтеринде бул сөз к тыбышы менен башталат: Алтун-Соңа йыш кейики, артгыл, ташгыл, атдачы Опа Барсым адырылу барды, айыта (Алтун-Соңа черинин кийиги, көбөйгүлө, (батпай) ташыгыла, (анткени, силерди) ата турган Опа Барсым айрылып кетти, аттиң ай!). Демек Энесай жазма эстеликтериндеги диалектилик өзгөчөлүктөрдүн бардыгын аталган жазма эстеликтердин жөнөкөй адамдарга, карапыйм калкка арналып тургузулгандыгына, коомдук статустарына байланыштыруу калпыс пикир. Биздин оюбузча, айрым Энесай жазма эстеликтеринде диалектилик айырмачылыктардын орун алышы аталган жазма эстеликтердин санынын көптүгүнө, жазган кишилердин өздөрүнүн оозеки тилинин каражаттарын киргизип жибергендигине жана аталган жазма эстеликтердин кыргыздарга таандык болуп, жергиликтүү элдин, кыргыздардын тилдик өзгөчөлүктөрүн да камтыганына байланыштуу.

Энесай жазма эстеликтериндеги диалектилик белгилер И. А. Батманов жетектеген илимий топтун эмгегинде, Н. Шабданалиевдин магистрдик ишинде каралган. Бизди бул макалабызда кызыктырган маселе – Энесай жазма эстеликтериндеги диалектилик өзгөчөлүктөрдүн азыркы кыргыз тили менен болгон катышы. Себеби, эгер, Энесай жазма эстеликтериндеги диалектилик белгилердин бири же бир канчасы азыркы кыргыз тилине гана мүнөздүү болсо, анда ал дилектилик өзгөчөлүк ошол мезгилдеги оозеки кыргыз тилинин орток түрк жазма адабий тилиндеги, жазма эстеликтердеги белгиси болот да, Энесай жазма эстеликтеринин кыргыздарга таандык экендигин көргөзгөн тилдик далил катары чоң роль ойношу мүмкүн. Чындыгында, мына ушул айткандарыбызга дал келе турган бир өзгөчөлүк катары Энесай жазма эстеликтеринин айрымдарында эрин күүсүнүн толук сакталышын көргөзө алабыз. Белгилүү болгондой, Орхон-Энесай жазма эстеликтеринде эрин күүсү толук сакталган эмес. Ошентсе да айрым Энесай жазма эстеликтеринде эрин күүсү көрүлгөн төмөнкүдөй сөздөр жана мүчөлөр бар:

а) Эрин күүсү сакталган сөздөр: уруңу (байрак, туу), өкүз (өгүз), бодун (эл, калк), буйрук (титул).

б) Эрин күүсү сакталган мүчөлөр: этиштен атооч жасоочу -сык, -сук мүчөсү: батсык (батыш), тогсук (чыгыш); атоочтон сын атооч жасоочу -сыз, -суз мүчөсү: өгсүз (энесиз), буңусуз (муңкайгысыз), калыңсыз (калыңсыз).

Ошол эле мезгилде, Н. Шабданалиев буларды, тагыраак айтканда, Энесай жазма эстеликтериндеги айрым сөздөрдө жана мүчөлөрдө эрин күүсүнүн сакталышын диалектилик бир өзгөчөлүк катары бааланыш керек деп эсептейт. Чындыгында атоочтон сын атооч жасоочу -сыз, -суз жана этиштен атооч жасоочу -сык, -сук мүчөлөрүндө эрин күүсүнүн сакталышын диалектилик өзгөчөлүк катары алсак болот. Себеби бул мүчөлөр Монголиядагы жазма эстеликтерде эрин күүсүнө кирбейт: буңсыз (Тунйукук ж.э.), тогсык (Көл Тигин ж.э.). Ошол эле мезгилде азыркы түрк тилдеринин ичинен кыргыз тили эрин күүсү боюнча өзгөчө орунда турат. Бул тууралуу “Кыргыз адабий тилинин грамматикасында” мындай деп жазылган: Башка түрк тилдерине салыштырганда кыргыз тили эрин күүсү боюнча айрыкча орунду ээлейт, түрк тилдеринин ичинен ага алтай жана тува тилдери гана тектеше алат. И. В. Кормушин да Кежелииг-Хову жазма эстелигинде эринчил үндүүлөрдүн жазылышын жана тул сыяктуу сөздөрдү кыргыз тилинин өзгөчөлүгү болушу мүмкүн деп белгилейт. Мына бул маалыматтар: Энесай жазма эстеликтеринин кээ биринде башка жазма эстеликтерден айырмаланып, эрин күүсүнүн байкалышы жана азыркы түрк тилдеринин ичинен кыргыз, алтай жана тува тилдеринде гана эрин күүсү толук сакталып, бул өзгөчөлүгү жагынан аталган үч тилдин башка түрк тилдеринен бөлүнүп турушу эки нерсени далилдейт. Биринчиси – Энесай жазма эстеликтеринде ошол мезгилдеги кыргыздардын оозеки тилинин өзгөчөлүктөрү орун алган. Экинчиси – Энесай жазма эстеликтеринин азыркы кыргыздардын, алтайлардын, тувалардын ата-бабалары болгон Энесайлык кыргыздарга таандык экендигин көргөзүп турат. Бул айтылгандар байыркы түрк (кыргыз) жазуусун чечмелеп, жазма эстеликтерди биринчилерден болуп окуган В. Томсендин божомолун да далилдейт. Себеби В. Томсен Энесай жазма эстеликтериндеги диалектилик белгилерди байыркы кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрү болушу мүмкүн деп ойлогон.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ
№10 (296)
27 10 2023
kyrgyztili@mail.ru

# Кыргыз жазуулары: байыркыдан бүгүнкүгө



**Гүлжамал ЖАМАНКУЛОВА,**
**Кыргыз Улуттук университети, филология илимдеринин доктору**

Б.з.ч. III кылымда Гэгун өлкөсүндө жашаган кыргыздар кытай жазма булактарында катталган. Археологиялык материалдар боюнча Ортоңку жана Жогорку Енисейде жайгашкан цзян-кунь (байыркы кыргыздар) уруулары малчылар жана ушул аймактын жергиликтүү тургундары болушкан, б.з.ч III кылымда алар уруу катары түзүлүп калган.

Кыргыз урууларынын түзүлүү, калыптануу процесси байыркы замандарга барат. С.Аристов изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгүнүн кыргыз урууларынын кубар-заң ата-бабаларынын жаратылышында эң байыркы сак жана усун, динлин жана гунн уруулук союздары менен байланышы бар деген пикирин жактаган. Ал «кыргыздар Монголияны тукиюлер, ал түгүл хунндар үстөмдүк кылганга чейин эле, алыскы, тарыхка чейинки мезгилде жашашкан» деген. В.В.Радлов енисейликтерди динлиндердин жана кытай маалыматтарындагы помалардын тукуму деп эсептеген. Ю.С. Худяковдун пикири боюнча бул «Гяньгунь же цзяньгунь» - түрк бүлөсүнө кирген тилдерде сүйлөгөн элдердин ичинен учураган эң байыркы аталыш. В.В.Бартольд Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта кыргыздардай аты эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек деген.

Байыркы кыргыздардын Енисейде уруу катары түзүлүшүнүн башаты б.з.ч. 2-миң жылдыкка барат. Динлиндик этногенездин негизинде узак мезгилдин ичинде - афанасьев, андронов, тагар маданият эстеликтеринин базасында болуп өткөн өзгөрүүлөрдөн жаңы этникалык кубулуш – кыргыз уруулары кристталдашып бөлүнүп чыккан. Таштык (б.з.ч. II к.- б.з. II к.), андан кийинки Чаатас маданият эстеликтери кыргыз маданиятына тиешелүү болуп эсептелет.

Кыргыздар байыркы жазууларды колдонушкан. Грамматологиядагы илимий жетишкендиктердин негизинде кыргыз жазуулары төмөнкүдөй классификацияланды: I Семасиография. 1. Накта жазууга чейинкилер:1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу; 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкма: Эн тамгалар; 2. Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу. II Фонография. Накта жазуу: 1) Жазуунун аралаш системасы; 2) Тамгалык-тыбыштык жазуу.

Енисей өрөөнүндөгү жазма эстеликтер миң-суулук жана тывалык деп экиге бөлүнөт. Миң-суу сүрөт (пиктографиялык) жазуусунун мазмунуна “Айбанаттар стили” деп аталган искусство өзгөчө таасирин тийгизген. Миң-Суу ойдуңундагы “Асман алдындагы музей” деп аталган аска беттери чегилген, оюлуп жазылган жана боёк менен боёлгон жазууларга абдан бай. “Айбанаттар стилиндеги” сүрөт жазуулары бейиттин үстүнө коюлган моло таштарда, курал жарактарда, ат жабдыктарында ж.б. абдан көп кездешет.

“Айбанаттар стилинин” белгилери Карасук маданияты эстеликтеринде учурайт. Бул типтеги көрүстөндөрдөн табылган инвентарлардын ичинен саптарына тотемдердин - айбанаттардын тулкусу түшүрүлгөн бычактар өзгөчө орунда турган. Ал эми алардын гүлдөгөн мезгили б.з.ч. VII-I кылымдарына - тагар маданиятынын тушуна туура келет.

Б.з.ч. 1-миң жылдыкта таштан биринчи эстеликтер жасалган, алардын эң эле белгилүүсү - кочкордун башы. Кочкордун башы кыргыздарда ыйык деп эсептелген, ал эми башка эстеликтерде ыйык деп эсептелген күндүн сүрөтү тартылган. Алар молчулуктун эмблемасы катары каралган. «Кочкор–күн» композициясы адамдардын солярдык-тотемистик көз караштарын чагылдырган жана скиф доорунда (б.з.ч.VII-III кк.) өнүгүүгө ээ болгон. Ошол мезгилде кеңири аянтты ээлеген татаал композицияга ээ петроглифтер пайда болгон.

Тотемдер. Кыргыздардын тотемдерине бугу, тоо эчки, аюу, барс ж.б. кирген, алар күч берүүчү, сактоочу, коргоочу касиеттерге ээ деген ишеним болгон.

Копён, Капчалы жана Уйбат эстеликтериндеги пиктографиялык жазуулар скиф-сибирь стилиндеги традицияда өнүккөн, ошондой эле ирандык батыш жана кытайлык чыгыштан кирген таасирлерди өз боюна сиңирген. Оглахты тоосундагы көптөгөн пиктографиялык жазуулар ондогон кылымдар мурун аска бетине чегилген сүрөттөргө техникасы, аткаруу манерасы боюнча окшош болгон. Мындай сүрөттөр Аскиз жана Уст-Есин кыштактарынын ортосундагы дөбөлөрдөгү плиталарда да кездешет.

Копёндеги № 6 жана № 7-дөбөлөрдүн көмүскө жайынан жырткычтын сүрөтү түшүрүлгөн бет каптар табылган. Мындай бет каптар Енисейде жана Алтайда гунн-сармат доорунан бери белгилүү болгон жана дээрлик VIII-IX кк. чейин колодон жасалган буюмдарда сакталып калган. Копён тогоолорундагы жаныбарлардын сүрөттөрү менен байыркы айбанаттар стилиндеги сүрөттөрдүн ортосундагы генетикалык байланыш аныкталган. Копенде баалуу алтын идиштер да табылган, аларда айбанаттар стилиндеги сүрөттөр орнаментин башка элементтери менен айкалышкан. Аска бетиндеги алгачкы сүрөттөрдө – жапайы жаныбарлар, кечкилеринде – үй жаныбарлары тартылган, алгачкылары - нокоттуу, кечки сүрөттөрү ар түрдүү болгон.

Тыва жазуулары. б.з.ч. III миң жылдыктын 2-жарымында Тывада палеометаллдык афанасьев маданиятынын өкүлдөрүнөн эстеликтер калган, мисалы, Эрзин аймагындагы күмбөздөн багыштын башы бар яшмадан жасалган мүштөк сымал өзөк табылган.

Коло доорундагы петроглифтер Енисейдин сол жээгиндеги Мугур-Саргол мазарында сакталган: 400 жалпак таштын ар биринде орто эсеп менен алганда 10-15 сүрөт тартылган. Арасында скиф доорундагы жана андан кийинки – кечки монгол мезгилине чейинки сүрөттөр да бар. Көпчүлүгү мүйүздүү бет каптар болгон. Алардан башка сюжеттер да болгон, мисалы, текенин контурдук фигурасы жана арабанын схемалык сүрөтү.

Скиф мезгилинде Тыва урууларына тиешелүү эстеликтер (Бай-Даг тоосунун таштары, Турандын жанындагы дөбөлөр, Түштүк Батыш Тывадагы Саглы-Бажы жергесиндеги бийик тоодогу байыркы көрүстөн) табылган. Борбордук Тывадагы Уюк суу өрөөнүндөгү Аржан “падышалык” дөбөсүнөн сүрөттөр тартылган предметтер алынган.

Казылган маданиятына тиешелүү күмбөздөрдүн ичинен металлдан, керамикадан, териден, сөөктөн жасалган жана сууктан жакшы сакталган буюмдар табылган. Аларга скиф-сибирь искусствосуна мүнөздүү белгилер таандык болгон. Казылган маданиятынын арасында бугу таштар өзгөчө орунду ээлейт. Буларга Сушь жана Туран бугу таштары кирет. С.И.Вайнштейн бугу таштар өзгөчө коргоочу функциясы бар атайын курулуш деген. Коло күзгүлөр же солярдык белгилер - күндүн символу, ал эми курал-жарактар - коргоочу кызматты, жаныбарлардын сүрөттөрү магиялык-коргоочу ролду аткарган.

Казылган доорундагы сүрөттөргө “Айбанаттар стили” мүнөздүү. Булар: Барун-Хемчик районундагы Чурук-Малдыг-Хайдагы бугу, скиф мезгилине таандык Хандагайтыдан 30 км жайгашкан Овюр районундагы аскалардагы петроглифтер.

Сыын-чюрек петроглифтерин 300дөй жаныбарлардын, адамдардын сүрөттөрү жана солярдык белгилер түзөт. А зонасында жаныбарлар, алардын арасында жолборстор, аттар, текелер, антилопа бар. Б зонасындагы таштарга адамдардын жана жаныбарлардын бирден тартылган сүрөттөрү, көп фигуралуу композициялар жайгашкан.

Аска бетине түшүрүлгөн сүрөттөр батыш Тывадагы Тээли кыштагынан бир нече кмде жакшы сакталган. Ал Бижиктиг-Хая деп аталат.

Кыргыздарда карасук маданияты мезгилиндеги “айбанаттар стилиндеги” сүрөт жазуусу тагар маданиятынын мезгилинде өркүндөгөн. Тагар маданиятынан үй айбандары жабдыктары менен, аска бетине тартылган сүрөттөр, коло буюмдар, кылычтар, бычактар, жебелер ж.б. скифтик “айбанаттар стилиндеги” жаныбарлардын сүрөттөрү калган.

VI-VIII кк. Капчалы көрүстөнүнөн табылган курлардын күмүш тогоолоруна койду тытмалап жаткан жырткычтын сүрөтү тартылган. Бул кыргыздарда мурунку тагар таштык, “скиф сарматтык” традициялардын сакталгандыгын билдирип турат. Таш дөбөлүү көрүстөндөрдүн чаатастардын казыналар катылган казанактарынан бир нече алтын идиштер, алтын жалатылган табактар табылган, арасында канаттуулардын, балыктардын сүрөттөрү ж.б. асемдер түшүрүлгөн кемер курлар болгон.

Тагар маданиятынын аяктоо мезгилинде Енисей кыргыздарында гипс бет каптарды жасоо кеңири таралган. Адегенде бет каптар өлгөн адамдын жеке портретин гана берсе, бара-бара жалпыланган образдагы бет каптарга өткөн. Кийинки бюст бет каптар өз алдынча жасалып, постаментке жайгаштырылган. Жекече бет каптардын негизинде кийин көрүстөнгө коюлган балбалдар келип чыккан.

Эгерде мурун кыргыз жазма эстеликтерде жапайы айбандардын күрөшү – тотемдер сүрөттөлсө, ал эми б.з. VI-VIII кк. алардын ордун адам ээлеген.

Семасиография. 1. Накта жазууга чейинкилер: 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкма: Эн тамгалар. Эн тамгалардын максаты - окуяларды сүрөттөп баяндоо эмес, «Аларды эстөөгө, предметке же жандыкка окшотууга жардам” берүү. Сүрөттөлгөн предметтер жана жандуу нерселер оозеки кепте аталышка ээ болгондуктан, символдор менен алардын оозеки түгөйүнүн ортосунда дал келүүчүлүк орнойт да, сөздөр жазма символдор менен бериле баштайт. Натыйжада, адамдардын ортосундагы коммуникациянын жаңы ыкмасы – эн тамгалар пайда болгон.

Кыргыздар колдонгон эн тамгалар мал чарбачылыгынын өнүгүшү менен байланыштуу болгон. Эн тамгалар аркылуу малдын ээсин, турмуш-тиричилик буюмдарынын кимдерге тиешелүү экендигин билүүгө болгон.

Түрк рун жазууларынын чыгыш тегин уруу тамгалары менен байланыштырган окумуштуулар Г.И.Спасский, А.Вамбери, Н.А.Аристов, Н.Г.Маллицкий, А.А.Шифнер ж.б. болушкан. Эн тамгалардын байыркы түрк жазуусунун негизин түзгөндүгүн А.Махмудов, М.Шинэхуу да белгилешет. К.Сарткожаулы байыркы түрк рун жазуусунун башаты байыркы белгилер дейт. Кыргыз эн тамгалары жөнүндөгү маалыматтар Н.Ф.Петровский, Н.И.Гродеков, Н.Ф.Маллицкий, Б.Солтоноев, Н.А.Бернштам, С.М.Абрамзон, Н.А.Винников, С.Аттокуров, О.Каратаев ж.б. эмгектеринде камтылган.

Н.А.Аристов түрк урууларында адегенде эн тамгалар урук, уруулук коргоочуну же сактоочуну түшүндүргөн, коомдук-социалдык мамилелердин алга жылышы менен жөнөкөй менчикти аныктаган эн тамгага айланган деген. Аристов эң байыркы уруулук белгилер кийин орхон-енисей алфавитинде тамгалар катары колдонулган деген.

Эн тамгалардын пайда болушу - патриархалдык үй-бүлөнүн жана жеке менчиктин турукталышы менен байланыштуу деген Бернштам. Байлык көп сандаган мал менен өлчөнгөн, аларды айырмалоо үчүн малга эн тамга коюлган. Эн тамга муундан муунга берилген.

Кытай жыл баяндарында чагылдырылган эн тамгалар менен хакастардагы “хыргыс” уруктарынын (сөөктөрүнүн), тувалардагы “кыргыс”, башкырлардагы “кыргыз” уруктарынын эн тамгаларынын этногенетикалык жалпылыктары бар экендиги аныкталган.

Б.з.ч. I миң жылдыктын башында Миң-Суудагы Карасук тибиндеги эстеликтерден эн тамгалар табылган. Тывадагы IX-X кк.(Чаа-

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ
№10 (296)
27 10 2023
kyrgyztili@mail.ru

Хол) эн тамгалар кыргыздарга таандык (Длужневская). Чаатас, Тюхтят маданият эстеликтеринде 20дан ашык идиштерде тамга белгилери болгон. Эн тамгалар муундан-муунга өтүп, IV-X кк. кеңири аймакка тараган. Тамга белгилер кийин жазуунун келип чыгышына негиз болгон. Изилдөөлөр кыргыз эн тамгалары орхон-енисей жазуусунун негизин түзгөндүгүн тастыктады.

Енисей жазма эстеликтеринде кыргыздардын түмөндөгөн малы болгондугу жана алар тамгалангандыгы тууралуу маалыматтар бар (Ачур кыштагы, Ачырдагы Койбал талаасынан табылган моло таш, Радлов В.В.; Тыва аймагы).

Кыргыздар жаратылыш менен жуурулушуп, эриш-аркак жашашкан. Алар бийик аскаларга да сыйынышкан, аларга чегилген фигураларлы калтырышкан. Эн тамгалар жана сүрөттөр менен жыш капталган ыйык жерлер Тывадагы Хая-Бажы, Хакасиядагы Сулек жана Тепсей аскалары болуп эсептелет. Хакас-Миң суудагы (Копен, Уйбат ж.б.) археологиялык казуулардан табылган идиш-аяктардагы эн тамгалар кыргыздарга таандык болгон.

Хакасиядагы, Тывадагы аска бетиндеги эн тамгалар, сүрөт жазуулары - кыргыздардын байыркы тарыхынын, колдонгон жазууларынын накта күбөсү. Я.Бутанаев: «Хакас тамгаларын таш беттерине, бейиттерге, рун жазма эстеликтерине чегерилген кыргыз белгилеринин мураскорлору катары кароого болот» дейт.

Адегенде урую белгилери катары колдонулган кыргыз эн тамгаларынын аткарган кызматы бара-бара кеңейген:1) уруулук, 2) жеке менчик, 3) магиялык сактоочу, 4) юридикалык (укуктук), 5) сакралдуу белги, 6) кызматтык (касталык) белги катары, ошондой эле шаман тамгасы катары колдонулган. Папальчик тоосунда мындай сүрөттөр - 100 процент, Кичи-Арбат жазуусунда – 95, Комарковада – 80, Кичи жазууда – 70 процент кездешет.

Эң байыркы уруулук белгилер кийин орхон-енисей алфавитинде тамгалар катары колдонулган деген Н.А.Аристовдун пикири тил илиминде тастыкталды. Жогоруда белгиленгендей, кыргыз эн тамгалары орхон-енисей жазуусунун негизин түзөт.

Эн тамгалардын табылган жерлери – Койбалы, Тешеба, Уйбат чаатасы, Капчалы, Тесь, Гришкин Лог, Михайловский көрүстөнү, Джесос, Копен, Минусинск станциясы.

Енисей эстеликтериндеги эн тамгалар менен кыргыз урууларынын эн тамга белгилери дээрлик окшош. 2003-жылдагы Эл аралык археологиялык-экспедициянын жыйынтыгы боюнча Хакас, Тыва аймактарынан табылган эн тамгалары менен кыргыз уруу эн тамгаларынын параллелдери берилген.

*(Уландысы кийинки санда)*

## Кыргыз Эл жазуучусу Асан ЖАКШЫЛЫКОВДУН 75 жаш маарекесине карата



# “МАНАС” ЭПОСУ ЖАНА МЕЗГИЛ

“Манас” дүйнөсү өзүндө баяндалгандай жан дүйнөбүздүн түпкүрүндөгү көйгөйүбүздү бириктирип, алдыга үмүттүү чакырык жасагандай туюм жаратат. Бу да болсо атадан калган нарктуу сөздүн күчүн анын негизи эмнеде экендигин билдирип турат. Улуттун улут экени тилинен, кандай эл экени дилинен, жашоонун маңызы элдин аң сезиминен жана алардын салтынан, жашаган жеринен, урпактардын аны кандай тутуп алганынан билинип, улуттук маданият эмне үчүн көөнөрбөс касиетке ээ экендигин билдирип турат.

“Манас” - жашоонун мугалими, адамзат азыркы заманбап технологиянын эң жогорку чектерине жетип турган кезде дагы урпактардын улуу баскан тарыхый жолун күзгүдөй чагылдырып турган ата мурасынын акыл-наркына муктаж экендиги жалпыбызга маалим. Анткени Манастын улуулугу да, тереңдиги да жалпы адамзаттык маңызынын тереңдигинде.

Адатта биз тарыхты көбүнесе кагаз бетине түшүп жарыяланган даректерге таянуу менен басымды ошол жакка коебуз. Ал эми кагаз бетине түшпөгөн тарыхты болумуш, жомок көркөм дүйнө деп кабылдайбыз. Чындап келсе жазылбай калган канча деген издерибиз калды ким билет, канчасын бизге окшогон адамдар өз дооруна жараша жазып койду, анын түпкүрүнө толук кандуу серреп сала элекпиз.

Ошол кагазга түшпөй көөдөндө калган көп тарых: көргөн көз менен көкүрөктө, муундан-муунга өтүп кызыл тилин кайраган манасчылардын тилинде, миң кайрыкты чалып турган үнүндө, албууттанган дембе-дем дүкүлдөтүп айткан күчүндө, сөз менен айтып жеткире алгыс касиет жылоологон стихиясында көркөм сөз кудуретинин күчү менен сакталып, урпактан-урпакка өткөн тарыхты баяндаган ооз эки маданияттын кайталангыс шедеври да -“Манас”.

Илимий жаатында алганда КУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил адабият институту “Манас” боюнча илимий маселелерди фундаменталдуу өнүктүрүп келет.

“Манас” боюнча изилдөөлөр, илимий академиялык басылмалар, диссертациялык коргоолор, эл аралык деңгээлге чыгаруу жүрүп жатат.

Жакшы саамалык аракеттердин үзүрү Кыргыз мамлекетибизде билим берүү стандартынын үчүнчү муунуна манас таануу өзүнчө предмет катарында 64 саат эсебинде кирди жана жогорку, орто, ошондой эле кесиптик техникалык окуу жайларынын биринчи курстарына окулуп келе жатат. Ал эми жалпы билим берүүчү орто мектептерге атайын предмет катары кирбей адабият циклынын ичинде саналуу саат менен окулуп келет.

Бу иш аракеттер аз да болсо улам өсүп жетилип келе жаткан урпактарыбызга Манас тууралуу түшүнүктү киргизүүдө мааниси зор.

“Айгине” илимий борбору манасчыларды өстүрүү, жайылтуу иштерине активдүү салымын кошууда.

“Манас”. дүйнөлүк мааниге ээ болгон ЮНЕСКО уюму тарабынан коргоого алынды.

2011-жылы “Манас” эпосу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды.

Ушул мыйзамдын жана ЮНЕСКОго катталуусуна жана бул жагдайдагы маселени демилгелөөнү көтөргөндөрдүн бири да Асан Жакшылыков.

Сыртынан караганда “Манас” деген сөздү укпаган, билбеген кыргыздын урпагы жоктур. Бирок анын манызын ар ким эле биле бербейт.

Башка өңүтүнөн караганда “Манас” эл коому, “Саякбай” эл аралык фонду, “Көйкашка” бирикмеси өңдүү бир катар коомдук уюмдар "Манасты" жана манасчыны даназалоо, жайылтуу, элдин калың катмарына жайылтуу боюнча жүктү моюндап келишет.

Мындай мамлекеттик эмес уюмдар өздөрү каржы таап, өз демилгелери менен тынбай эмгектенип келишет. Керек учурларда “Манас” деп эл алдында ураан салганыбыз менен мындай негизги милдетти аткарып жаткандарга мамлекетибиз колдоосу зарыл.

Айтайын дегеним, “Манастын” улуу касиетин элдин калың катмарына жеткирүүдө Асан Жакшылыковдун эмгеги зор. Ушул жаатында “Манас” эл коомун түзүп, аны жетектеп, ондогон жылдар бою коомдук иш чаралар өткөрүлүп, Кыргыз Радиосунан 360 берүүгө “Манас” эпосун айтып берди. 40 күн “Манас” айтуу иш чарасын уюштуруп, манасчылардын төрт муунун өстүрүүгө демилгечи болду. Алардын ичинен Үмөт өңдөнгөн манасчыны 4 жашынан байкап элге алып чыкты.

Мындай багытта жанын үрөп иштөөгө Асан Жакшылыков жөн эле келе койгон жок. 2005-жылы "Эстутум. Кыргыз көчмөн цивилизациясы. Манас дүйнө тааным" –деген үч чоң маселени көтөргөн илимий-популярдуу эмгегин жарык көргөн эле.

Бул китеп кыргыз элинин тагдырына кызыккан ар бир кыргыз үчүн маанилүү эмгек деп айтаар элем.

Анда элибиздин бай фольклору, узак тарыхы, кыргыз дүйнө таанымы, көчмөн цивилизацияны талдап келип, ата-бабаларыбыздын дүйнө тааным элдик билимдеринин архаикалык катмарын көтөрүүгө кыргыз элинин жаралуу башатындагы түшүнүмдөргө солярдык жана лунардык культтук маанидеги абалкы элдик билимдердин болгондугун жазат. Күн эли. Усун эли, Сак эли, Бурут эли, Уз эли, Кыркууз эли деп келип, жети доор мерчеминде кыргыз аты өзгөрүлүп кыргыз аталышына чейинки кыргыз жолундагы цивилизацияны жазат.

Илим үчүн албетте мындай илимий, тарыхый-санжыра таржымалдарын, тарыхый- этнографиялык, диний, саясий, социалдык, руханий маселелерди камтыган оригиналдуу. Мындан тышкары байыркы түрк алфавити, кыргыздын урую белгилери, этутуму, астралдык илими, акыл-эстин тааным, салттык нарк-насилдер тартып, Сагымбайдын улут рухун кармаган асылдыгын даңазалоого чейинки ой чабыттары тил жана тарых тууралуу айткандары кыгыз эли кечээ тоодон түшүп, токойдон чыккан жапан эл эмес, абалтан цивилизацияга умтулган тили, дили, ишеними, жазмасы, дүйнө тааныма бар рухий маданиятты туу туткан эл болгондугуна өз алдынча көз карашы, концептуалдуу иликтөө жүргүзгөн пикирлери жана боолгоолору дайыма кызыгуу жаратат.

Асан Жакшылыковдун элинежерине болгон сүйүүсү кыргыз элинин маданий чөйрөсүндөгү кыргыз профессионал поэзия жанрында эле эмес, прозада, элдик фольклордун ана башы “Манас” ааламына чексиз. Көп кырдуу талант мындан тышкары заманга жараша элдин тагдырына күйүп БУУ кыргыз элин дүйнөдө жоюлуп кете турган элдин бири катары белгиледи деп күйүп-бышып жазгандары, “Биздин Конституциянын кыргыз жыттанып тураарын каалар элем” жана ушул жагдайда өзүнүн ой-пикирлерин ачык билдиргендеги патриоттук сезими, дайыма керектүү идеяларды көтөрүп аны алдыга сүйрөөчү локомативдик деми менен ишке ашырууга күчүн үрөгөн эрктүү адам катары белгилөөгө болот.

Бар болуңуз агай, ушул демиңизден тайбай эл үчүн кызмат кыла бериниз. Адатта ак эмгек эртеби кечпи акталат.

**Жылдыз ОРОЗОБЕКОВА,**
**филология илимдеринин доктору, профессор**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ

№10 (296)

27 10 2023

kyrgyztili@mail.ru

**Жазуучулук майданда ысымы дүйнө жүзүнө даңаза болуп, өмүрү аңызга айланган Чыңгыз Айтматов аганын орус тилинде 1952-жылы “Ашым” ,”Биз мындан да ары барабыз”, 1953-жылы “Сыпайчы”, 1954-жылы “Кайракы жерде” деген алгачкы жазылган аңгемелери 2008-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматы (Кыргызпатент) тарабынан кайра толукталып, үчүнчү жолу басылып чыккан Кыргыз Республикасынын жазуучуларынын өмүрү, чыгармачылык жолу тууралуу маалымдамасына негедир киргизилбей калган.**

**Жогорудагы аталган төрт аңгеме, ал кездеги жаш жазуучунун алгачкы чыгармалары, учурунда ар түрлүү басма сөз каражаттарында орус тилинде, анын ичинде “Сыпайчы” аңгемеси мындан туптуура 70 жыл мурда басылып чыгып, ошол бойдон эне тилибизге которулбай, бүгүнкү күнгө чейин кыргыз окурмандарыбыз кабарсыз калгандыктан, биз аларды кеч да болсо которуп, назарыңыздарга сунуштадык.**

**Котормочулардан.**

**ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ**

# СЫПАЙЧЫ

*(Аңгеме)*

**Орус тилинен которгондор Жумабек ТОКТОГАЗИЕВ, Афина АБДЫЛДАЕВА**



Талас өрөөнүндөгү элдин илгерки бир уламышында айтылгандай жайдын мээ кайнаткан саратан маалында бир жигитке күрпүлдөп агып жаткан дарыяны шашылыш кечип өтүү зарыл болгон экен. Ал дал ошол түнү Талас дарыясынын аркы бетинде күтүп жаткан сүйүктүү колуктусун алып кетиши керек эле. Атчан жигит дарыяга ашыга бастырып келгенде, көрүп жаткан өз көзүнө өзү ишенбей, деңдароо боло түшөт. Ары-бери жайма-жай дайыма өтүп жүрчү кечүүсү түп-орду менен жер соруп кеткенсип дайынсыз, анын ордуна буулуга кирген буурадай көбүгүн жээкке чачкан, долуланган киргилт ирим суу азан-казан болуп агып жатыптыр. Шерттешкен сулуусунан кол жууп, кур жалак каламбы деген бечара сууну жээктеп, далбастай өйдө-төмөн чапкылайт.

Акыры айласы куруган бечара омуроолуу айгырынын күчүнө ишенип, эмнеси болсо да тобокелдикке салайын деп чечип, ташкындаган дарыяга кирет. Бирок, бетпактанган буркан-шаркан суу ээ-жаа бербей албууттана күркүрөп, ошол замат атын чамындыдай эле ала салдыра агызып, жаныбары менен кошо заматта өркөчтөнө жошолонуп алган дарыянын агымы менен кетет. Дагы жакшы, өзү жээктеги бир кырчын талды тырмышып кармап калып, эптеп-септеп чөкпөй аман калат. Жан чиркин таттуу эмеспи, курган жигит “Ушул мени алкымдан алган шум ажалдын колунан, тилсиз каардуу жоонун кучагынан чындап эле кутулдумбу же жокпу? деп, чынтөгүнүнө ишене албай, бир азга дел боло түшөт. Шөмтүрөп суу болуп, тиши тишине тийбей шакылдаган шордуу корkконунан калтырап-титиреп, ошол учурда башка эмес, кара көз сүйгөнүн да эсинен чыгарып, кыбыланы карап, чөгөлөй жыгылат да, колдорун көкүрөгүнө коюп, жалынып-жалбарып жиберет: "Оо, кагылайын Жараткан! Ырайым кылып, мени шум ажалдан алып калганыңа миң мертебе ыраазымын, бүгүн эле дагы бир жылкымды сага атап, курмандыкка чалам!"

Бир нече күндөн кийин баягы жигит дарыянын жээгине келип, дагы бир жолу айран таң калат. Дарыянын суусу тартылып, баягы күрпүлдөп аккан суу деги эле эч качан ал жерде акпагандай! Ошол кечүүдөн көп алыс эмес жердеги жээкте суу тээп салган шору каткан атынын тарпы жатыптыр. Ээр токумун жонуна артынып алып өксүп араң келе жатса, өзү жакында аз жерден өлүп кала жаздаган жерден эч нерсе менен иши жок бир карыган чал эшегин кыдыңдатып бейкапар гана жайбаракат өтүп кетип баратканын көрөт:Баягы Кудайга жалынып-жалбарганын унуткан пенде жаны кашая, Асманга колун кезеп: “Ээй, сен! Мен сен үчүн тетиги эшекчен чалча да жокмунбу?” - деп, жерге эт-бетинен жыгылып, боздоп-сыздап жиберет. Себеби, баягы каргашалуу түнү колуктусун башка бир жигит ала качып кетип, арзыган селкисинен ажырап калган болчу да...

Ушул окуяны сыпайчы Бекназар көп жолу эстеп, улам кайталап айта берчү.

“ Ээ, тууган, бул биздин дарыябыз менен тамашалашып болбойт. Алла Таалам бул кереметтүү сууну дагы жараткан өзү эмеспи!” -деп, бул ачылышына ыраазы болгондой жылмайып, анан артынан акыл үйрөткөндөй сөөмөйүн кезеп койчу.”Шамал жерди кургатат, суу жерди жыргатат” дегендей, бул жарыктык Таластын суусун бүгүн карасаң, жылжып, коргошундай көлкүлдөп, туптунук болуп мөлтүлдөп агат, тизеге араң жетет, эртеси күнү эле кайрадан кутуруп кеткенсип, жаалдана, буркан-шаркан түшүп, көпүрөлөрдү агызып чабалактайт. Ал кудум тирүү жандай, аны түшүнө билүү керек. Суунун кадырын сыпайчы гана билет!”

***

Таң атып, өрөөнгө эбак эле жарык кирип калган, ал эми бул капчыгайдын койнундагы да болсо зыркыраган суук болуп, күүгүмдөнүп турат. Эңилчек баскан урчуктуу таштын үстүнөн нымдуу буу көккө созолонууда. Дарыянын үстүнөн көтөрүлгөн туман тар капчыгай менен аскалардын бооруна жабышып, улам бийиктегенден бийиктеп жогорулоодо да, анан бара-бара суюла, булуттардын булуң-бурчтарына оролуп кеткендей көзгө илинбей жоголууда.

Туш тарабынан кыскан аска таштуу зоолордун этегиндеги сайлардын корум таштарына буурадай бар күчүн жыйнап келип, дарыя толкундары менен уруп өтөт. Бирок, аттиң!... Чокусу асман тиреген зоолор кебелишпейт, үнсүз, тек гана аны тоотпогондой көңүлкош зыңгыранышат. Ак көбүктүү суунун толкуну айласыздан өзүнүн алсыздыгын мойнуна алгандай жиндене шарпылдап чалкасынан түшөт да, уусун чачып жиберип, анан жаны жай ала түшкөн заардуу кара чаар жыландай артына жылат. Дарыянын күүлдөп, күркүрөгөн добушу бирде арстандай каардуу, коркунучтуу, бирде баланын ыйындай аянычтуу . Мына, ал кайрадан бар күчүн топтоп туруп, толкунун өркөчтөнтүп туруп, капчыгайдын аскалуу бооруна урунат да, анан арманы ашып-ташыган жандай шуу үшкүрүнүп, артка чегинет. Бул капчыгайдын ичиндеги нечендеген кылымдардан бери келаткан тоо менен суунун ортосундагы көктүк менен айыгышкан эзелки күрөш. Ошентип ал улана берет, улана берет...

Талас дарыясы капчыгайдан бошонуп алганда гана жаны жай алгандай тээ жайыкта жайлап, мемиреп агып калат. Бирок, бул жакта да анда тыным болбойт. Дарыя эми адам баласы жасаган тоскоолдуктарга туш келет. Оң жээкте суунун агымынан кыйгач сыпайлар (устундардан ашталып, бекем байланган үч бурчтук шаты жыгач) орнотулган. Бул жерден үч колхоз суу алат. Дарыя тосмолордон аша күүлдөп, жулкунган бойдон бир бөлүгү – ортодогу чоң арыкка, анан калганы талааларга бет алат.

Бекназар ушул жакка таң атпай күнүгө келет. Капчыгай тараптан дарыянын күлдүрттөгөн басыңкы күңүрт добушу угулуп, нымдуу жел согот. Суудан жана шамалдан Бекназардын жүзү туурулуп, кургаган бетинин эки чүкөсү уркуят. Түксүйгөн каштарынын алдынан чанагында кызгылтым тарам-тарамы бар жүлжүйгөн курч көздөрү кыраакы тиктейт.

Ал атын тушап коюп, өзүнүн жакшы көргөн жерине – суунун жээгиндеги чукул борчукта салаңдап турган, ага гана энчилүү болгондой, чоң жалпак ташын көздөй жөнөйт. Бекназар аюудай бир аз майпаңдап, анчалык шашылбай басат. Үстүндөгү кийгени ичине кебез жалатылып, шырылган, чакчасын сала турган төш чөнтөктүү жеңил чапан. Анын эбак эле бырыш баскан тарамыштуу моюнун болотнай көйнөгүнүн жакасы тыгыз жаап, маасысынын кончунан кыпкызыл долоно камчы сабы сороюп чыгып турат. Бекназар чөгөлөп олтуруп алып, көпкө чейин кунт коё капчыгайдын аңырайган оозунан окторула күргүштөп агып чыгып жаткан дарыянын добушун тыңшайт. Дарыянын сүрдүү аккан агымынын алды туңгуюк күлдүрөп, ага адам баласы түк билбеген ички туюк сырларын күңгүрөнө айтып жаткансыйт... Анын курч көз карашы баарын баамдайт. Ал дарыянын кылык-жоруктарын кудум китеп сыяктуу окуйт. Бүгүн суу өзү менен эмнени агызып келатат, азыркы анын олжосу эмне болмок?

“Чулк, чулк, чулк...” - деп таш алдындагы суу чулкулдайт да, тентек баланын оюнундай болуп, бирде майда кумдун чакан кум дөбөлөрүн жууйт да, бирде кайра шилейт.

Бекназар укум-тукумунан бери сыпайчы. Бармактайынан эле бул кесипти чоң атасынан үйрөнүп алып, өмүр бою ага кызыгып келет. Анын атасы так ушул жерде, Таластын суу ташкыны менен болгон ырайымсыз күрөштүн курманы болгон. Өзү деле бир нече жолу ажалдан калган. Корумдана удургуп аккан Таластын тентек таштары Бекназардын дагы чекесине чоң тырык калтырган. Аялы ага: “Алымбектин атасы, деги бул ишиңди таштачы, бай болгур!” деп, айтып жүрүп, чарчап бүткөн.

Анын оюу боюнча алардын тукумунун ар бири ата -бабасынын жолун жолдоп, ата таягын колго алып, жалаң гана сыпайчы болушу керек. Ал үчүн сыпайчы болуу – чыныгы атанын уулунун гана колунан келет. Мыкты дыйкан Бекназар бабалардын калтырган мурасын, кудурет демин көөнүндө кастарлай асырап, аталардын тула боюндагы ыйык канын кастарлагандай жүрөк алдына бек сактап келчү. Анысы аз келгенсип, аялынын шоруна, он алты жаштагы уулу Алымбекти дагы төрөлгөндөн баштап ошол сыпайчылык өнөрүнө үйрөтө баштаган. Бул анын – эң ыйык кыялы, өмүрүндөгү эң асыл, эң аруу максаты. Артында чыныгы сыпайчы калса –демек, ошондо гана анын өмүрүнүн текке кетпегени. Эл-журтка жасаган жакшылык жерде калбайт эмеспи. Бекназар боор эти менен тең жалгыз уулун балапан кезинен баштап, сабактан бош убагында такай ушул дарыяга алып кетип, “суунун тилин” үйрөтчү.

Алымбекти ал абдан жакшы көрчү, бирок, бекем кармап, ыксыз эркелетпей, андан кыңк этпестен баш ийүүнү талап кылчу. Антпесе бала колдон чыгып, баралына жеткенде ээнбаш, бекерчи болуп калат деп эсептечү.

Багына жараша, Алымбеги көкүрөгү тунук, эстүү өстү. Атасын тартып, денеси чымыр болуп, ал эми бакырайган сурмалуу көздөрү энесинин көздөрүнө аябай окшош эле. Уулунун токтоо, олуттуу көз карашы аны салабаттуу, токтолуп калган, тиш каккан кишиге окшотчу. Калбыйган эриндеринин үстүндөгү жаңыдан бирин-серин карайып өсүп келе жаткан кыл муруту гана анын дагы да болсо жаш өспүрүм экенин айгинелеп койчу. Алымбек эч качан атасына тике карап сөз айтчу эмес. Бирок, ал жакында мектептен келип, капыстан эле мындай деди:

– Ата, биздин сыпайларга шлюз жасасак жакшы болот эле. Билесиңби, тетиги чоң арыктын башындагы жантаймадагыга.

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ

№10 (296)

27
10
2023

kyrgyztili@mail.ru

# Бир образдын алкагындагы АДАМ табиятынын көркөм модели

## (Айтматовдук адамология)



**Аскарбек БЕКБОЕВ,
филология илимдеринин доктору, профессор**

Ойчул катары жазуучу Ч.Айтматов дүйнө түзүлүштүн олуттуу көйгөйү – АДАМга, адамдын маңызына, тагдырына, жашоосуна өзгөчө көңүл буруп, “Канткенде адам адам болуп сакталып калат”, “Эмне үчүн адамдык касиетти сактай билиш мынчалык татаал”, “Адамдык касиет менен пенделиктин диалектикасы, кайчылаш өнөктүгү эмнеде” деген жөн эмес, кылымдар бою акыл курчун алып келген суроолорго жооп издеп келди. Жазуучунун ар-бир чыгармасы, андагы кынаптап иштелип чыккан көркөм образдар мына ушул суроолорго карата жооп болду. Жер жүзүндөгү баардык бактысыздыктар адам деген эмне деген суроону алиге чейин түшүнбөй келгенибизден улам жаралып келет, алтургай адам кандай болуш керек деген суроо боюнча да бир пикирге келе албай келебиз, дейт Француз жазуучусу П. Веркор. Канткенде адам уулу адам болот?, деп суроо коёт да, “адам үчүн күн сайын адам болуу баарынан кыйын” деп жооп узатат адам табиятын үймөктөн ийне издегендей иликтеп, аңдап-таанууга акыл-оюн арнаган Айтматов-ойчул. Аңсезимдин “Күч-кубатына” ишенип, окурмандарын мындайча жооткотот: «Тиричиликти улам демитип, кысып келе жаткан коркунучтун алдында тунук аңсезим касташуу- нун жана жек көрүшүүнүн сокур инстинктинин, эгоцентризмдин бардык - коллективдүү жана жекече жийиркеничтүү көрүнүштөрүнүн үстүнөн артыкчылык кылат деп ишенип, биз, бардыгыбыз акыл эске таянуудабыз. Акыл-эстин өзүн-өзү чексиз өркүндөтүүгө, чексиз эволюцияга жөндөмдүү болуп калгандыгы үчүн улуу тириликке таазим. Ошентсе да ойчул-жазуучунун ийкемдүү-сезимтал көңүлү тынч эмес, замандын күрөөтамырын кылдат туюп, адамзаттын келечегине санааркайт. «Адамзат акыл-эстин бийикти- гинен тайыбай, дүйнө жүзү жуму- рай журтту камтыган кандайдыр бир ааламатка туш болбой, циви- лизация жетишкен ийгиликтерди төгүп-чачпай үчүнчү миң жылды- ктын астанасынан аттап өтө алар бекен. 2000-жылдын поездди акыр- кы имерилиштен үн салып калды, анын жолунда светафордун жашыл жарыгы күйүп, сөөлөттүү карааны көрүнүп калды. Ушундай аралыкта турганда XXI кылымда адамдардын турмушу кандай болот деген көйгөйдөгү закондуу суроону көңүлдүн көмүскө жерине катып коё албайсың», деген таризде ойжүгүртүп келип, “…биз, менин түшүнүгүм боюнча ой жүгүртүүнүн жаңы жолуна түшүүшүбүз, универсалдык аң-сезимдин жаңы деңгээлине көтөрүлүшүбүз абзел» деген акыл-корутундусун ортого салат. Адам да тирүү жан, табиятынан пенделиги бар, аңсезимдүү, акылдуу “Жандык”, бирок акыл менен кошо инстинкт “тейлеген” сезим-туюм, эмоциясы да бар. Адам көпкырдуу “Жандуу организм”, бир кырын билсең бир кырын байкабай каласың деген таризде ойжүгүртөт.

Айтматовдун дебют-повестиндеги Ысмайылдын образы – адам табияты жөнүндөгү көркөм түшүнүк. Инстинкт, интуиция жана акылдын өтмө-катар татаал айкалышын туюндурган көркөм түшүнүк. Көркөм образдын философиялык дүрмөтүн эске алып, аны “Көркөм түшүнүк” деп атасак, аша чапкандык болбос. Жазуучу повесть алгач ирет жарык көргөндөн кийин, отуз-кырк жылдан кийин, чыгармачылык таланты толуп турганда Ысмайылдын образын, анын жандүйнөсүнө сүңгүп кирип кокусунан кайра иштеп чыкпагандыр. Курч драматизм менен чыңалган психологизмдин жуурулушу аркылуу туюндурулган, кылдат талдап, терең иликтегенде “Оң” же “Терс” деп аталып жүргөн адабий концепциянын алкагына сыйбай турган көркөм түшүнүк, адам табиятынын элестүү көркөм-эстетикалык модели.

Ысмайылдын образы аркылуу айтматовдук адамология жөнүндө элестүү, адекваттуу ой жүгүртүш үчүн повесттин сюжеттик маңызын кыскача реконструкцияласак. Кан күйгөн улуу согуш убагы… бой жеткен, карылыкка алдыра элек эркектердин бардыгы канмайданга аттанат. Көпчүлүк менен кошо Ысмайыл да согушка чакырылат. Качып келип, кыш ызгаарына чыдап, азап тартып үңкүрдө жашайт. Жубайы Сейде үңкүргө тамак-аш ташып, күйөөсүнүн оор тагдырына ортоктош болот. Кыштын бир күнүндө Ысмайыл төрт чиедей жаш баласы бар, жесир Толтойдун бооз уюн уурдап, союп алат. Уй уурдалганы билингенден кийин эл менен кошо Сейде да ууруну жек көрөт. Ысмайыл бир мүшөк уйдун этин алып келип, “Бышырып жеп, сөөгүн көрсөтпөй көмүп салгыла” дегенден баштап Сейденин пикири өзгөрөт. Кайгырып, элден корунат. Энеси Бексат каза болгондо Ысмайыл топурак сала албай калат, энесин өз колу менен узатпай аклганына катуу капаланат. Сейденин аркасы менен Ысмайыл колго түшөт. Бул биздин Макалабыздынн логикалык тилкеси үчүн кыскартып айтайын түзгөн бул чакан мазмундук реконструкция чиеленишкен окуя, күчтүү драматизмге, курч психологиялык кырдаалга жыш, жандүү образдардын “Кыймылына” бай чыгарманын беделине шек келтирбес деген ойдобуз. Повесттин түпнускасы менен тааныш, аны кызыгып окуп, андан эстетикалык ырахат алган окурмандар бул биздин түкшүмөлүбүздү жакшы түшүнөт.

Адабий эмгектерде, айрыкча “Соцреализм” методу үстөмдүк кылып турган учурда Ысмайылдын образын терс каармандын догматикалык формасына айландырып келишкен. Ысмайыл “Өз кызыкчылыгын гана ойлогон терс каарман”, “Мекен алдындагы милдетин аткаруудан окчундаган корккок-качкын” деп, аны этикалык парадигма - “Жамандыктын” көрүнүшү катары сыпаттап келишкен. Мындай бир жактуу мүнөдөмөдө көркөм образ – татаал, карама-каршы касиеттердин жыйындысы болгон АДАМ табиятын туюндурган көркөм түшүнүк экендиги же философиянын “Тили” менен айтканда адам онтологиясы этибарга алынбайт. Бегилүү философ М.Хайдеггер болумду эки деңгээлге – онтологиялык (априордук) жана онтикалык (конкреттүү-эмпирикалык) бөлүп. экзистенциянын (жашоонун) эки модусу жөнүндө ойжүгүртөт да, адам табиятынын эки, бирибирин толкутап турган жагдай-касиеттин белгилейт. Биримдиктеги ажырымдык катары мүнөздөлгөн эки адамдык касиет. Эки модустун биринде адам көпчүлүктүн бири, турмуштун агымынан суурулуп чыга албай майда-барат менен алек болгон “Унутулган болумуштун пендеси; экинчисинде адам эмне экендиги менен эле чектелбей, ким экендигин аңдаган аңсезимдүү жандык. Биринчи адамдык модус кандай жашоо керек деген таклиб, мүдөө менен чектелген “Адам - эмне” деген суроонун долбоору, проектиси. Экинчи модус - кандай жашоо керек деген суроо-таклиб менен эмес, эмне үчүн жашоо керек деген жобону эш туткан адамды туюндурат. Демек, адам маңызын туюндурган эки модус адам табиятынын канчалык татаал экендигин мүнөздөп-туюндуруп турат. Айтматовдук адамология мына ушул эки карама-каршы, бирок ажырагыс биримдиктеги модустун күрөшүн иликтеп, аны көркөм-эстетикалык формада туюндурат. Демек, Ысмайылдын образы аркылуу реставрацияланган көркөм түшүнүк “оң-терс” деген когнитивдик диссонанс - таанымдык баалуулуктарды чаташтыруу эмес, ал оң сапаттын терс көрүнүшү же терс сапаттын оң мазмуну. Адамдын кандай экендиги адамдын маңызы аркылуу гана эмес, адамдын табияты аркылуу да түшүндүрлөт: эгерде адамдын маңызы негизинен – адамдык оң сапаттар менен сыпатталса, адамдын табияты оң-терс сапаттар аркылуу сыпатталат. Оң-терс сапаттардын өтмө-катар татаал айкалышы, байланышы адамдын маңыз-табиятын түзөт. Ысмайылдын образы оңтерс сапаттардын айкалшын, адамдык менен пенделиктин айкалышын туюндурган көркөм түшүнүк. Чыгармадагы Ысмайыл биз билген же биз тааныш кокнкреттү адам эмес, ал “Жакшы” эле эмес “Жаман” адамдык касиеттерден турган көкркөм каарман, көркөм образ. Согуш мезгилинде согуштан качып келген Ысмайыл деген адам болгон, ал биз сөз кылып жаткан көркөм образдын прототиби. Бирок, Ысмайылдын образы ошол качкын адамдын тагдыры жөнүндө эмес, Ысмайылдын образы адамдын маңыз-табиятын мүнөздөгөн көркөм туунду, көркөм туюнтма, көркөм каражаттар аркылуу туюндурулган адам деген түшүнүктүн аныктамасы. Айтматовдук адамологиянын пайдубалын түзгөн логикалык категория.

Өткөн кылымдын токсонунчу жылдары эмне үчүн жазуучу андан кырк жыл мурда жарык көргөн чыгармасына кайрылды: Ысмайылдын оң маанидеги сапаттарын күчөтүп, образды толуктап кайрадан иштеп чыкты. Анткени жазуучу ойчул катары, философ адамолог катары Айтматовдун өзүнүн сөзү менен айтканда “адамдардын копиясы эмес, тирүү, элестүү, ой-санаасы жакшылыкка умтулган образдары бар чыгармаларды” жаратууга аракеттенди. «Жашоо - жакшы, өлүм - жаман. Жашасын жашоо!» деген курулай жалган пафостон алыс болду. “Кичинекей эле чыгарма жазылып жаткан учурунда автор бүт күч-кубатын, жүрөгүндөгү баардык сезимин, бул дүйнөдө окуганын, билгенин, түшүнгөнүн, көргөнүн бүт бойдон мобилизациялап турушу керек” деген өзүнүн жеке кредосунун негизинде сөз болуп жаткан образды кайра иштеп чыгып, айтматовдук адамологиянын алкагын кеңейтти. Акыл-эс, эркиндик, милдет, абийир, адамгерчилик деген адамдык асыл руханий атрибуттар “Адамдын тулку-бою”, биоэволюциялык табияты менен чектелип, мейкиндик-мезгилдин алкагы менен “Кысылып”, “Тушалып” тургандыгын, өмүрдө жакшы-жаман экилтиги (дихотомиясы) удаалаш, куйрук-улаш жүрөөрүн, ал экилтик адамдын бүтүндүгүн айгинелеп турарын Ысмайылдын образы аркылуу тастыктады. Айтматовдук адамологиянын концептуалдык лейтмотиви, философиялык квитэссенциясы – адамга ички карамаршылык мүнөздүү. Ички карама-каршылык – адамдын иманенттүү касиети. Ал кандай карама-каршылык – ал инстинкт-эмоция менен акыл-нарктын, пенделик менен адамдыктын ортосундагы карама-каршылык. Бул маселеге өз учурунда тагдырды кокустук катары (атомдун салмагына байланыштуу багытынан кыйшаюсу катары) негиздөөгө аракеттенген байыркы атомист-философ Эпикур да кайрылган. Адамдын табияты эки карама-каршы күчтүн күрөшү экендиги, сезим-каалоого таянган жандүйнөнүн бөлүгү жеңил, опурталдуу болоору белгиленген. Адамдын ички маңызындагы табийгый-энергетикалык катмар менен нарктуулук катмарынын карама-каршылыгын З.Фрейд да баса белгилеген: ал “Адам өз үйүндө кожоюн эмес” акылы мокоп, сезим-инстинктке алдырып коёт дейт. Демек, айтматовдук адамологиянын коцепттик алкагы философиялык адамологиянын концептуалдык тилкесинин уландысы, көркөм формасы болуп эсептелет.

***(Уландысы кийинки санда)***

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ

№10 (296)

27 10 2023

kyrgyztili@mail.ru

Чыңгыз АЙТМАТОВ:

# "Адабий тажрыйба – өтүкчүнүн өнөрү эмес"



"Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат" аттуу макалалар, маектешүүлөр жана публицистикалык эмгектеринен топтолгон асыл ойлордон...

***

Ар бир адамдын өз мекени бар. "Мекен" деген сөз кыргызда – ата-бабанын жери, туулуп-өскөн жер дегенди билдирет. Ал, албетте, гүлбакча эмес. Абдан сагындырып, бир көрүүгө куштарланткан Талас жергемди ак-карасы аралаш жаткан өз келбетинде көз алдыма элестетүүгө аракеттенем. Эгер мен аалам койнун аралаган космикалык саякатта жүрүп, жер жөнүндө ойлончу болсом, сөзсүз аны өз айылым Шекердин образы аркылуу элестетээрим бышык. Анткени, менин башатым – ушул Шекер. Ушул жерде аталарым жана бабаларым жашаган. Ушул жерде мен жарык дүйнөгө келип, турмуш таанып, өз тагдырымды тапкам. Ата журт деп аталган туулуп өскөн жердин тирлик тартиби, салт-санаасы, ыр, жомогу, жаратылышы, абасы – бүткүл турпаты адамдын адам катары калыптанышында жана өз тагдырына ээ болуусунда зор таасири бар экендигине бекем ишенемин.

***

Биздин айылдын абышкалары ар бир баладан: "Кана, жети атаңды айт!" деп катуу талап менен сурашаар эле. Элдин акыл-эс мурасы да, муундардын байланышы да мына ушуга негизделген. Бул жөнүндө мен "Ак кеме" повестимде бала менен машина айдаган казак жигит экөөнүн аңгемелешүүсүндө айтууга аракеттенгем. Турмушта жети атасын билбей эле жашап жүргөн адамдар бар экенине бала аябай таң калат:

– Жети атаңдын аттарын үйрөткөн жок беле акең? - деди бала.

– Ит билеби. Ага не таңсык болдуң? Жети атамы билбейм, бирак, көрүп турасың гой, көп катары жашап жүрмүн.

– Атам айтат, адамдар ата тегин унутуп койсо, бузулуп кетет дейт.

– Не үчүн?

– Анда дейт, атам айтат, баары бир балдарым, балдарымын балдары билбей калат деп, адамдар арам иштен жийиркенбей, тартынбай калат дейт. Баары бир балдарым, балдарымдын балдары билбей калат деп, адамдар жакшылык кылбай калат дейт...

***

Мен шекерликмин, ошон үчүн бул жакшы каадааны алигиче урматтаймын. Менин атам Төрөкул, Төрөкулдун атасы Айтмат, Айтматтын атасы Кимбилди, Кимбилдинин атасы Кончу жок... ушинтип отуруп биздин тукумдун башы – Шекердин өзүнө чейин санай берүүгө болот. Атамдын жана чоң аталарымдын тууғандары – Рыскулбек, Керимбек, Өзүбек, Суванбек, Доолбек, Алымкул, Иманкул, Биримкул - булар да менин бабаларымдын катарына кирет. Мындай карасаң бул жөн гана адам ысымдары. А мен үчүн мунун мааниси чоң. Эл оозунда айтылган сөздөрдөн улам мен алардын ар биринин ысымдарын тереңимде ызаттайм жана сыймыктанамын. Бул өзүбүздөн мурда жашап өткөндөрдү эстөөгө жана алардын кадыр-баркын төмөндөтпөөгө бизди – кийинки муундарды милдеттендирет.

***

Адамзаттын агып турган тиричилиги дайыма болочокко багытталганы менен, өткөн тажрыйбасы – анын түпкү кулазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчиленген мурасы.

***

Жаштар – турмуштун өнүп келе жаткан жаңы күчү, адамзаттын жаңыланган мууну, коомдун ар түркүн милдеттерин жана негизги идеяларын улантып, өнүктүрүп, келечекке алып кетчү канат-бутагы.

***

Азыркы учурда кайсы гана адабият болбосун, ал өз өлкөсүнүн жана дүйнөсүнүн замандаш адабияттары менен үзөңгүлөш жүрүп, идея жана көркөмдүк жагынан өзүнө керектүү нерселерди сиңирип, өзүнө жат нерселер менен күрөшүп турбаса, ала адабият ыкчам өнүгө албайт.

***

Чыгарма жазганда сүйлөмдөрдү жайбаракат созуп, болор-болбос окуяны он чакты бетке мыжып, же болбосо шыпылдаган кур чечендикке салып отуруу эч кандай талапка жооп бербейт. Азыркы адамдын жүрөгүн, сезимин бийлейбиз десеңер, ага чоң-чоң философиялык ойлорго толгон, чыныгы поэзияга сугарылган, адамдардын копиясы эмес, тирүү, элестүү, ой-санаасы жакшылыкка умтулган образдары бар чыгармаларды берүүгө бел байлагыла.

***

Адабиятка киши эптеп-септеп жазармын деп келбейт. Сөзсүз жаңылык киргизем, мурункулардын традициясын улап, алардын жетишкендиктерине таянып, алардан бийигирээк чыгармачылык тепкичке жетем деп, чоң максатты көздөп келет. Демек, ар ким өз мүмкүнчүлүгүн кем санабай, бардык күчүн искусствонун чокуларына жетүү үчүн жумшоого милдеттүү. Болбосо, адабиятта убара болуунун зарылдыгы жок.

***

Ар бир жаш талант чоң художник болууну көздөбөсө, адабият өнүкпөйт.

***



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ

№10 (296)

27 10 2023

kyrgyztili@mail.ru

*Адабий тажрыйба деген өтүкчүнүн өнөрү эмес, бир калыпка салып алып ултара бергендей.*

***

*Адабиятты тааный билүү адамга дароо эле келе койбойт. Аны үчүн адам көп окуп, көп иштеп, дүйнөлүк искусствodон бир катар кабардар болуусу зарыл. Мындайча айтканда, жазуучу өзүнө адабий табит иштеп чыгуусу – башкы шарт. Табит дегенибиз – ал адамдын ички маданияты, ички сезими, ички түшүнүгү.*

***

*Талант – тубаса жөндөмдүүлүк, шыктуулук. Талант – адамдагы кандайдыр бир ички мүмкүнчүлүк. Ал эми мүмкүнчүлүк иш жүзүнө ашуу үчүн ага шарт керек. Жазуучунун ички мүмкүнчүлүгү, талантты дейли, чоң маданияты болбосо, өз заманындагы искусствонун алдыңкы жемиштеринен оозанбаса иш жүзүнө ашпайт. Жаш жазуучунун талантына керектүү шарт – маданият жана талыкпаган эмгек жана маданиятка талыкпастан кызыгуу.*

***

*Жазуучуну атайылап окутуу кыйын. Жазуучу өзүнө-өзү мугалим болууга аракеттениш керек.*

***

*Жазуучунун бир күнү текке кеткени – чоң жоготуу.*

***

*Убакытты өлчөп болбойт. Анын аягы да, башы да жок. Жерди айлангандай аны бардык жагынан айланып да чыга албайсың.*

***

*Адамзаттын түбөлүктүү турмушунда жарым кылым деген, албетте, бир көз ирмемдей эле нерсе. Мүмкүн, бул көп кылымдык караңгылык доорунан кийинки кичинекей гана жарыкчылыктыр.*

***

*Элдин өмүрү анын тилинде, элдин тили – бул феномен, бул жалпыга маанилүү кымбат нерсе. Ар бир тил – жалпы адамзат генийинин кенчи.*

**Топтогон: Мээрим САЙДИЛКАН**

САДЫК АЛАХАН, профессор:

# "АТА-БАЛА АЙТМАТОВДОРГО АРНАЛДЫ"

***– ТҮРКСОЙдун демилгеси менен ата-бала Айтматовдордун жаркын элесине карата уюштурулган, Түркиянын Анкара шаарында өткөн иш чарага барып келдиңиз. Ушул боюнча азыноолак айтып берсеңиз...***

– 9-10-октябрда Анкарада Чыңгыз Айтматовдун 95 жана Төрөкул Айтматовдун 120 жылдыгына карата уюштурулган жыйын өттү. Буга чейин тагыраагы, тээ 14-июнда "Новотел" мейманканасында Анкара университетинин окутуучусу Гүлзура Жумакунова менен Айтматовдун 95 жылдыгына карата иш чара өткөрүүнүн планын талкуулаганбыз. Буга ТҮРКСОЙдун жетекчиси Султан Раев жана Роза Айтматова баш болгон бир топ адабиятчылар дагы катышкан.

***– Демек, Гүлзура Жумакунованын дагы демилгеси экен да...***

– Ооба, тикеден-тике демилгеси. Каруусун казык, башын токмок кылып дегендей иштеп, ушул симпозиумду өткөрдү десек болот. Аталышын "Ата-бала Айтматовдор" деп сунуштап, Чыңгыз Айтматов менен чогуу Төрөкул Айтматовду дагы кошту.

***– Эл аралык деңгээлде биринчи жолу өтүп жатат да?***

– Ошондой. Төрөкул Айтматовдун 120, Чыңгыз Айтматовдун 95 жылдыгына карата өткөрүлдү. Мында Роза Айтматованын иш чараны өткөрүү тууралуу бир топ сунуш, пикирлери натыйжа берди. Гүлзура эже Анкара университетинин жетекчилиги менен такташып "20-кылымга өчпөс из калтырган ата-бала: Төрөкул Айтматов жана Чыңгыз Айтматов" деген эң сонун тема коюптур.

Иш чаранын өтүүсүнө каржылык жактан көмөк көрсөтүп, демилгелеп уюштурган ТҮРКСОЙ уюмуна, анын жетекчиси Султан Раевге ырахмат!

***– Симпозиумга кимдер катышты?***

– Кыргызстандан тогуз адам бардык. Андан башка Өзбекстан, Казакстан, Азербайжан ж.б түрк тектеш мамлекеттердин бардыгынан келди.

Ачылышы аябай жакшы болду. Кыргыз Республикасынын Түркиядагы элчиси Руслан Казакбаев бизди тосуп алды. Кайтарыбызда Анкара шаарынын өкмөтү өздөрүнүн сыйын көрсөтүштү.

Симпозиумдун иши эки багытта, жогорку деңгээлде өттү. Башка өлкөлөрдөн келген катышуучулардын дээрлик көпчүлүгү репрессиянын курмандыктары, Төрөкул Айтматовдун тагдырына байланышкан баяндамаларды жасашты. Айрыкча Түркмөнстан менен Өзбекстандан келген баяндамачылар өз изилдөөлөрүн архивдик материалдар менен тастыктап, слайд түрүндө жасап көрсөттү. Көрүп, кадырыгым түтөй түштү. Чынында биздин элдин башына Октябрь революциясы көптөгөн өзгөрүү менен кошо кызыл кыргынды, улуттун каймактарына болгон аёосуз мамиле ж.б алып келген экен. Кандуу кыргын десек да болот.

Кесиптештеримдин көпчүлүгү башка өлкөлөрдө репрессия курмандыктарынын массалык түрдө көмүлгөн, бейит болуп калган орду жок экендигин белгилешти. Азыркыга чейин кайда экенин таппай жүрүшкөн экен. Кыргыз элинин "Ата-Бейитти" ачканын эрдик катары баалай тургандыктарын кошумчалашты. Чынында эле "Ата - Бейит" күйүттүү, армандуу маркумдар жайы. Бирок, көксөө сууп, баш ийе таазим, ызаат кыла турган ыйык эстелик экени талашсыз.

***– Дал келүүбү айтор, Чыңгыз Айтматовдун "Эне-Бейит" жөнүндө жазып жүрүп, "Ата-Бейит" пайда болгондугу жазуучунун олуялыгынын далили эмеспи...***

– Уникалдуулугун карабайсызбы, 1981-жылы чыккан "Кылым карытар бир күн" романында "Эне-Бейит" деп, аталып жатпайбы. 10 жылдан кийин репрессия курмандыктарынын көмүлгөн жери табылып, Айтматовдун демилгеси менен "Ата-Бейит" аталып калган да.

Симпозиумдун жүрүшүнө кайтсак, ал эки бөлүктөн туруп, жаңы багытта өттү. Кандуу репрессиянын канчалык деңгээлде азаптуу, улуттун улуттук насилине доо кетирген окуя болгондугун баяндамачылардын сүрөт, архивдик материал, токтомдор менен тастыктаганы дагы өзгөчө болду.



Кыргызстандан репрессия тууралуу баяндаманы КРнын депутаты Чыңгыз Айдарбеков жасады. Кыргыз элине репрессиянын канчалык деңгээлде кандуу, каргашалуу окуя болгондугун ачып, көрсөтө алды десем болот.

Анан албетте, Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы тууралуу дагы көптөгөн жакшы сөздөр, изилдөөлөр болду. Симпозиумдун маанисин, деңгээлин көтөргөн Роза эже – образдуу айтканда көпчүлүккө тирүү эстеликтей болду. Журналисттер, жалпы эле маданий чөйрөнүн өкүлдөрү үчүн Роза Айтматованын иш чарага барганы айрыкча окуя катары бааланды. Биз дагы сыймыктанып жанында коштоп жүрдүк. Роза эже Төрөкул Айтматовдун өмүрү тууралуу эң сонун баяндама жасады.

Иш чаранын бир күнүн Анкара шаарына саякат уюштурууга бөлүштү. Манастын, Чыңгыз Айтматовдун эстеликтерине бардык. Кыскасы, биз Айтматовду кандай кадырласак, түрк эли андан ашык урматтай турганы ачык көрүндү. Чыңгыз Айтматовдун китептери чыгып жатканын, академиянын кызматкери 12 томдугу жакында чыгарыла тургандыгын айтты. Жыйынтыгында отурумдун жетекчиси катары мага сөз берилип, мен иштеген окуу жай тууралуу да кызыктуу суроолорду беришти.

**Маектешкен Бактыгүл ӨМҮРАЛИЕВА**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ

№10 (296)

27 10 2023

kyrgyztili@mail.ru

# Ааламдашуу – мамлекеттик тил – котормо



**Мухтар ДАВЛЕТОВ, Улуттук илимдер академиясынын улук илимий кызматкери**

Дүйнөдө глобалдашуу жараяндары күч алып, бардык деңгээлдеги социалдык байланыш-мамилелер кеңейип жана тереңдеп келет. Коом да, жеке адам да, бир чети, өз идентүүлүгүн таап, өөрчүтүп, бир чети, жалпы дүйнө системасына интеграциялануу зарылчылыгына туш болууда. Бул көрүнүштүн тилдик аспектиси бар. Эгемендүү мамлекеттер тил саясатын жүргүзүүдө өз мамлекеттик тилдерин да өнүктүрүп, өлкөдөгү башка тилдердин макамын тактап, алардын да өкүм сүрүшүнө шарт түзүүдө. Жалпы өнүгүүдө да, жеке өсүүдө да өз ара катнаш түзүү, бири-бирин түшүнүү зарыл болуп, котормо ишмердигинин мааниси зор болууда.

Тил социум ичинде гана өкүм сүрө алат, демек, тил алып жүрүүчүлөр болуп жеке адамдар же алардын жалпылыгы болгон улут, эл гана эсептеле алат. Айрым адистердин айтымында, улуттун, элдин белгилеринин арасында (аймак, экономикалык жана социалдык-саясий байланыштар, маданият жана кулк-мүнөз өзгөчөлүктөрү) тил – бул жөн гана белги эмес, ал – эң маанилүү, улутту, элди бириктирип, башкалардан бөлүп турган белги.

Мунун бир нече негизи бар. Биринчиден, улут, эл үчүн жалпы, орток болгон тил аны менен кошо пайда болбой, мурдагы тарыхый жалпылыктан мурасталат. Экинчиден, тил – улуттун, элдин маданиятынын эң маанилүү курамдык бөлүгү. Үчүнчүдөн, тил – адамдар жалпылыгынын эң туруктуу, демек, эң консервативдүү элементи, ал улуттун, элдин калган белгилеринен узак жашайт.

Тилдин улут тагдырында ойногон ролу, жалпы дүйнөлүк тарыхта алган орду жөнүндө сөз кылганда, сөзсүз түрдө сөз кайсыл тарыхый мезгилде, доор жөнүндө болуп жатканын да тактап, эске алуу ылаазым. Тарыхтын жүрүшү менен жалпы адамзат да, өзүнчө ар бир тил да өнүгүп, ал өкүм сүргөн жагдай өзгөргөндө, ошого жараша тил да өзгөрүп, бул өзгөрүү, бир чети, анын ички түзүлүшүндө, бир чети, коомдо аткарган функционалдык милдеттеринде чагылышат. Тилдин функционалдык жактан өзгөрүшү анын социалдык макамынын өзгөрүшүнө да алып келет.

Азыркы заманды глобалдашуу, башкача айтканда, ааламдашуу доору деп аташат. Ааламдашуу социалдык байланыштардын жана институттардын мейкиндикте жана мезгилде кеңейиши менен тереңдешине, ошондой эле, бир жагынан, адамдардын күнүмдүк ишмердигине жер шарынын башка жерлеринде орун алган окуялардын, бир жагынан, жергиликтүү жамааттардын өз аракети аркылуу бүтүндөй дүйнөгө барган сайын көбүрөөк таасир беришине алып келди. Бул жараян адамдык коомдун жана коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде – тилдик катнаш чөйрөсүндө жүрүп жатат. “Глобалдашуунун тилдик аспектиси да бар, – деп жазат белгилүү орус тилчиси В.М. Алпатов. – Ал түз жана кыйыр мааниде жалпы тил табылмайын мүмкүн эмес”.

Окумуштуулар глобалдашуунун карама-каршылыктуу табиятын, анда борборго умтулуу да, борбордон качма да күчтөр аракеттенгенин белгилешет. Маданият менен тилге карата алсак, бир жагынан интеграция тенденциясы, бир жагынан, өз алдынчалыгын, өзгөчөлүгүн сактоо тенденциясы иштеп жатат. Тил жагынан адамда эки чоң муктаждык бар: бири – идентүүлүк муктаждыгы, экинчиси – өз ара түшүнүү муктаждыгы. Ушундан улам адамдык пикир алышууда жалпы тил зарылчылыгы келип чыгат.

Аталган тенденцияларды кыргыз тилинин азыркы мезгилдеги мамлекеттик тил катары өнүгүшүнөн жана колдонулушунан, анын ичинде өлкөбүздөгү котормо чөйрөсүнөн айкын байкаса болот.

1991-жылы бир катар мурдагы советтик республикалар эгемендүүлүккө жетишип, алардагы саясий, экономикалык, маданияттык өнүгүү жараяндары күч алып, алардын саясий жана улуттук белгиси катары мамлекеттик тилдер өөрчүй баштаган. Бул ар бир өлкө ичиндеги тилдик жагдайдын өнүгүшүнө, өзгөрүшүнө, татаалдашышына алып келет.

Тилдик жагдай дегенибиз – “Тилдердин белгилүү бир же көп улуттук административдик-аймактык бирикмелердеги синхрондук-тарыхый өкүм сүрүү жараяны”, анда “Этностордун тилдери бири-бири менен тең укуктуу же тең эмес укуктуу мамиледе болуп, ар кандай сандагы баарлашуу чөйрөлөрүн тейлейт”.

Көз карандысыз мамлекеттердин өзгөрүп-өнүгүшү аздыр-көптүр карама-каршылыктарга, ички чыңалууларга да алып келди. Андыктан этностук, тилдик тирешүүлөргө алып келбеш үчүн жаңыланып, өсүп бараткан коомдор жалпы саясаттын бир бөлүгү катары туура тил саясатын иштеп чыгып, жүргүзүүсү керек болду. Бул үчүн болсо коомдо өкүм сүргөн тилдердин баарына тийиштүү көңүл бөлүү, алардын коомдук макамын туура аныктап, укуктарын камсыз кылуу зарыл.

Тилдин коомдогу абалы катары, тил макамы эки түрдүү болот: 1) тилдин юридикалык макамы – тилдин тигил же бул социалдык-коммуникативдик системадагы колдонулушунун мыйзамдуу түрдө бекитилген тартиби, мисалы, тилге мамлекеттик тил макамынын ыйгарылышы; 2) тилдин иш жүзүндөгү макамы – тилдин иш жүзүндөгү колдонулушу, анын функционалдык жүгү. Тилдин макамы сөзсүз эле түрдө мыйзам аркылуу катталбайт, мисалы, СССРде орус тили мамлекеттик тил макамына ээ болгон эмес, бирок иш жүзүндө ал бул милдетти аткарган.

Макамга байланыштуу негизги түшүнүктөр – мамлекеттик тил жана улуттук тил. Улуттук тил тарыхтын жүрүшүндө бир аймакта топтолгон, экономикасы, адабий тили, маданияты жана руханияты жагынан өз ара байланышкан адамдар тобуна – улутка тийиштүү. Ал – социалдык-маданий түшүнүк, категория. Мамлекеттик тил болсо бийлик, башкаруу системи аркылуу бириктирилген түзүмгө – мамлекетке тийиштүү. Ал – саясий, юридикалык түшүнүк, категория. Кыргыз тили бир учурда улуттук тил, экинчи учурда – мамлекеттик тил катары каралышы мүмкүн. Бирок бул эки түшүнүктү эч чаташтырууга болбойт.

Так ажыратылбай, такталбай келген дагы бир түшүнүк – расмий тил. 1953-жылы ЮНЕСКО адистери мамлекеттик жана расмий тил түшүнүктөрүн бөлүп кароону сунуш кылышкан. Мамлекеттик тил деп бир мамлекеттин чегинде саясий, социалдык жана маданий чөйрөлөрдө интеграциялык, биргелештирүүчү милдетти аткарып, мамлекеттин символу катары таанылган тилди айтышса, расмий тил болуп мамлекеттик башкаруу, мыйзам чыгаруу жана сот ишин жүргүзүүдө колдонулган тил эсептелинди. Расмий тил менен мамлекеттик тил аткарган милдеттеринин көлөмү менен гана айырмаланып, ортосунан так чек өткөрүү кыйынга туруп, мындай бөлүштүрүүнү так дегенге болбойт. Ошон үчүн социолингвистикада бул терминдер көпчүлүк учурда бирдей эле мааниде колдонулуп жүрөт. Кыргызстанда да кыргыз жана орус тилдеринин коомдо алган орду менен аткарган вазипасы дээрлик бирдей деп айтууга негиз бар.

Мамлекеттик (расмий) тил өлкөдөгү негизги тил болуп эсептелип, өзүнүн мамлекеттик милдеттерин төрт негизги чөйрөдө аткарат: 1) өлкөдөгү улуттар аралык ынтымак менен баарлашуу, 2) өлкөдөгү мыйзам чыгаруу, идеология жана адеп-ахлак, 3) өлкөдөгү илим жана 4) өлкөдөгү билим берүү. Мамлекеттик тил катары, кыргыз тили жогоруда аталган бардык чөйрөлөрдө активдүү колдонулуп келет.

Кыргыз тилинин өлкөдөгү улуттар аралык ынтымак менен баарлашуу милдетин аткаруусу Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик тил жөнүндө” мыйзамында да, бардык мамлекеттик программаларда да каралган. Тилекке каршы, статистикалык маалыматтар көрсөткөндөй, республикада бүгүнкү күндө да улуттар аралык тилдин милдетин негизинен орус тили аткарып келатат. Ошол эле мезгилде кыргыз тилин билген башка улуттардын өкүлдөрүнүн саны мурдагыдан, эң алды – совет мезгилиндегинен кыйла көбөйгөнүн белгилей кетсе болот. Демек, мамлекеттик тилибиз барган сайын бул милдетин көбүрөөк аткарып, негизги улуттар аралык тил деңгээлине жетиши ыктымал.

Акыркы жылдары кыргыз тили мыйзам чөйрөсүндө да мурдагынан кеңири колдоно баштады. Мурда бардык мыйзамдар менен токтомдор орус тилинде жазылып, андан кийин кыргыз тилине которулса, азыр мыйзам текстерин түздөн-түз мамлекеттик тилде жазуу аракеттери көрүлүүдө. Бул маселенин зор маанисин эсепке алып, мамлекеттик, коомдук жана илимий уюм-мекемелер өз алдынча да, биргелешип да тил колдонуунун бул чөйрөсүн өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларды өткөрүүдө. Алардын арасында 2015-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана Улуттук илимдер академиясы эл аралык ЮСАИД уюмунун колдоосу менен өткөрүлгөн атайын “Мыйзам чыгаруудагы мамлекеттик тил маселелери” илимий-практикалык конференциясын, мыйзам тармагы үчүн жаңы терминдер системаларын иштеп чыгуу максатында Кыргыз Республикасынын Юридикалык академиясы уюштурган юридикалык терминология жана юрислингвистика боюнча бир катар атайын кереге кеңештерин атаса болот.

Илим-билим чөйрөлөрүн алсак, жогорку окуу жайларында кыргыз тилинде окутуу улам жайылып, көп адистиктер боюнча кыргызча жаңы окуу китептери менен окуу куралдары даярдалып, көп сандаган илимий эмгектер кыргыз тилинде жазылып, диссертациялык изилдөөлөр кыргызча жакталып, бардык авторефераттар сөзсүз түрдө кыргыз тилинде да басылып чыгат.

Тил жагдайы, тилдердин коом ичиндеги макамы алардын өкүм сүрүү турпатына, өнүгүү деңгээлине, тил алып жүрүүчүлөрдүн санына, тилдин жайылышына, аткарган милдеттерине ылайык ар кандай болушу мүмкүн. Өлкөдөгү тилдик жагдай жана андагы тилдердин колдонулушу менен өнүгүшү жүргүзүлгөн тил саясаты аркылуу жөнгө салынат.

Тил саясаты – бул мамлекет же коомдук топ тарабынан тилдердин функционалдык бөлүштүрүлүшүн, колдонулган тил ченемдерин өзгөртүү же сактоо үчүн көрүлгөн чаралар жыйындысы. Тил саясатына плюрализм, улутчулдук, тилдик нигилизм, тилдик пуризм ж.б. көрүнүштөр мүнөздүү болушу мүмкүн. Тил саясатын туура жүргүзүү үчүн, тилдик жагдайды, калктын тилдик муктаждыктарын үйрөнүп-билүү үчүн кеңири масштабдуу социолингвистикалык изилдөөлөр менен сурамжылоолор өткөрүлүүгө тийиш.

Социолингвистикада мамлекеттин тилге карата жасалган мамилесинин алты баш-

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ

№10 (296)

27 10 2023

kyrgyztili@mail.ru

ка баскычын бөлүп карашат: 1) бирден-бир расмий тил (мисалы, Францияда бул француз тили); 2) биргелешкен мамлекеттик тил (Камерунда англис тили менен француз тилдери бирге колдонулат); 3) аймактык расмий тил (Индиянын штаттарында); 4) колдоо көрсөтүлгөн, расмий тил макамы жок, бирок мамлекеттик мекемелерде колдонулган тил (Африка өлкөлөрүнүн айрымдарындагы пижин); 5) түтүмдүүлүк көрсөтүлгөн тил (мисалы, келгиндердин тилдери); 6) тизгинделип, өнүгүүсү колдоого алынбаган тил.

Кыргызстанда мамлекеттик тил менен расмий тилдин макамы гана мыйзамдуу түрдө бекитилген. Калган тилдер (аймактык тилдер, азчылыктардын тилдери) расмий макамга ээ эмес. Мамлекеттик жана расмий тилдердин бардык чөйрөлөрдө дээрлик бирдей колдонулушун биргелешкен мамлекеттик тил катары кароого да болот.

Дүйнөдө мамлекеттик (расмий) тил макамы мыйзамдуу түрдө 178 өлкөдө бекитилген. Айрым мамлекеттерде мамлекеттик тил бирөө гана болсо, башкаларында – бирден көп болушу мүмкүн. Айрым саясатчылардын, атүгүл кээ бир окумуштуулардын, Кыргызстанды Швейцарияга салыштырып, тил саясатын иштеп чыгууда Швейцария, Канада, Бельгия сыяктуу мамлекеттердин үлгүсүн алса болот дегени мына ушундай жагдайларга таянат. Бирок мындай ойдун артында өлкөлөрдөгү тилдик, этностук жагдайды, эл менен тилдин тарыхын жакшы билбегендик жатат. Маселен, Швейцария менен Белгия тил боюнча бөлүнгөн аймактардан турат. Мыйзамда бекитилген мамлекеттик тилдердин ар биринин өзүнүн колдонулуу аймагы бар. Швейцарияда, мисалы, французча сүйлөгөн жарандар немисче, италиянча же ретороманча сүйлөшпөйт. Финляндияда экинчи мамлекеттик тил катары швед тили бекитилген. Бирок шведдер, биринчиден, калктын өтө кичине сандагы азчылыгын түзүшөт, экинчиден, фин тили өнүгүү деңгээли жагынан швед тилинен калышпайт.

Кыргызстандагы тарыхый-этникалык жагдай таптакыр башка. Кыргызстан өзүнчө улуттук аймактарга бөлүнбөйт. Дээрлик бардык жерлерде ар кандай улуттар аралаш жашашат. Бирдей колдонуу мүмкүнчүлүгү кыргыз тили менен орус тилинде гана бар. Бирок бул тилдердин өнүгүү деңгээли азырынча эки башка. Демек, мыйзамдуу түрдө бирден көп тилге мамлекеттик тил макамын ыйгаруу коомдогу тилдик тең салмактуулукту бузуп, тил жагдайынын татаалданышына гана алып келет.

Кыргыз тилинин жогоруда эскертилген юридикалык жана иш жүзүндөгү макамдары али бири-бирине дал келбей турат. Мамлекеттик тил макамына ээ болгону менен, кыргыз тили көп жагынан өзүнүн макамдык милдеттерин толук кандуу аткара албай келет. Андыктан Кыргызстанда калыптанган тил жагдайын терең жана ар тараптуу изилдөө, жүргүзүлгөн улуттук-тилдик саясатты толугу менен чыныгы изилдөөлөрдүн натыйжаларына негиздөө аркылуу гана ийгиликтүү жана натыйжалуу чечүүгө болот.

Адам адамсыз, бир коом башка коомдорбуз жашай албайт. Адам баласы илгертен байланыш жолдорун издеп келген. Негизги байланыш жолу кылымдар бою өзгөрбөгөн бойдон кала берген – ал котормо эле. Котормо аркылуу элдер маалымат алмашып, бири-биринин билимин байытышкан, башкача айтканда, "Маалыматтык жетишсиздикти толуктоо", "Пикир алышууну ыңгайсыздыгын жеңүү" котормонун социалдык милдетин түзөт. Котормо аркылуу ар кандай адамдык цивилизациялар ортодогу "Вавилон каргышынан кутулушуп", котормонун өзү – "Байланыштын нейтралдуу каналы". Керек болсо котормо "Маданият аралык баарлашуунун зарыл шарттарынын бири болуп эсептелет".

Адамзаттын бүтүндөй тарыхында диний да, илимий да маалыматтар которулган тексттер аркылуу өткөрүлүп берилген. Ар бир китеп, ар бир окуу же изилдөө кайсы бир адам тарабынан белгилүү бир тилде жаратылган. Керек болсо, адамдын ойлоосу да тигил же бул тилде болот. Колубузда бар билимдердин көпчүлүгү котормолор аркылуу топтолгон. Бүгүнкү күндө бардык эл аралык саясий карым-катнаштар таржыманын жардамы менен жүзөгө ашат. Тилмечтерсиз Европа бирлиги өңдүү эл аралык уюмдар өкүм сүрө алмак эмес, анын системинде 24 расмий тил бар, бардык расмий документтердин ошол тилдердин баарында жеткиликтүү болгону шарт.

Котормонун жеке адамга да тикелей тиешеси бар. Ал маалыматтарды жеткиликтүү кылып, көптөгөн ар кандай адамдардын башын кошот. Котормо адамдарга ар түрдүү маданияттар жөнүндө кабар берип, илимий, маданий, экономикалык, саясий жана башка тажрыйбаларды бөлүшүүгө негиз берет. Азыркы интернет заманында котормонун жардамы менен кызыкчылыктары бирдей же жакын кишилер бири-бири менен байланышып, пикирин жана билимин бөлүшө алышат. Бүгүнкү күндө көп тил билген адамдардын саны өскөнү менен, калктын басымдуу көпчүлүгү келечекте да бир тилдүү бойдон кала берет.

Котормонун бар болгону да, жок болгону да биздин турмушка өз таасирин берет. Котормо аркылуу тилдер бирин бири байытат, анткени глобалдашуу доорунда көптөгөн түшүнүктөр бүтүндөй адамзатка ортоk болуп калып, аларды бардык учурда өз тилиндин каражаттары менен бериш кыйын, керек болсо, мүмкүн да эмес. Албетте, өздөштүрүлгөн сөздөр жаңы тилге келгенде анын табиятына, өзгөчөлүктөрүнө ылайык өзгөрүүгө учурашы толук ыктымал. Аларды айтыш да кыйын болуп калышы мүмкүн. Бул гана эмес, көп учурда жаңы түшүнүктү анын улуттук атоосу табыла электе эле колдонуу зарылчылыгы келип чыгат.

Мамлекеттик тилибизди өнүктүрүүдө да котормо ишмердигинин мааниси зор. Котормо жараянын андагы ишмердиктин каражаты болгон тилдин өңүтүнөн кароо эки аспектиден турат: 1) түзүлүштүк (тил системасы, эң алды – терминологиялык лексика), 2) функциялык (баарлашуу чөйрөлөрүнүн тил менен толтурулушу).

Бир кезде белгилүү орус социолингвисти Д. Дешериев совет мезгилиндеги Кыргызстандагы коомдук турмуштун 22 чөйрөсүн бөлүп карап, алардын биринде гана – тышкы баарлашуу чөйрөсүндө – кыргыз тили колдонулбаганын жазган. Бул жерден бир нерсе эске алынбай калган: совет доорунда кыргыз тили коомдук чөйрөлөрдүн көпчүлүгүндө аздыр-көптүр колдонулганы менен, анын колдонулуш көлөмү өтө аз болуп, ал коомдук турмуштун тили катары жакшы өнүгө алган эмес.

Өлкөдөгү ары татаал, ары чаржайыт тил жагдайы, тил саясатын иштеп чыгууда жана колдонууда болгон кыйынчылыктар жалпы котормо жараянына өзүнүн таасирин тийгизүүдө. Тилекке каршы, тил өнүктүрүүдө да, котормо практикасында да баш аламандык өкүм сүрүп, ар башка долбоорлор, ар кандай чөйрөлөр менен тармактардын, ал турсун өз алдынча котормочулардын ортосундагы байланыштар бир нукка салынбай келет. Бул чаржайыттыкты республиканын тил тажрыйбасында колдонулуп жүргөн терминдерден да байкаса болот: аларды бирдейлештирүү (унификациялоо) зарылчылыгы күн тартибинде туруп, бул үчүн көп, чоң аракеттер жасалышы керек.

Тил жагдайындагы кыйынчылыктардын кесепети башка тилдүү адамдардын гана эмес, кыргыз тили эне тили болгон адамдардын да тил билүүсүн начарлатат. Ар кандай социологиялык изилдөөлөрдү, маселен, сурамжылоолорду жүргүзүү учурларында кыргыз улутундагы суралуучулар да анкеталардын орус тилиндеги нускаларын сураганы көп байкалат. Ошонун себебин түшүндүрүп берүү суралганда, котормонун начар сапаты, респонденттердин орусча тексттерге көнүп калгандыгы, алардын тийиштүү темада кыргызча сөздөрдү билбегендиги (тилдик тартыштык) ж.б. аталган.

Кыргызстандагы тил турмушунда да, котормо чөйрөсүндө да өз чечилишин күткөн көйгөйлөр али көп. Ошондой курч проблемалардын бири катары тил саясатынын негизинде жаткан эки мыйзамдын – мамлекеттик тил мыйзамынын жана расмий тил мыйзамынын – ортосундагы шайкешсиздиктерди айтпай коюуга болбойт. Алар бирин-бири жокко чыгарбаганы менен, бири-бирине анча байланышы да жок. Ошондуктан жүргүзүлүп жаткан тил саясаты өлкөдөгү тил жагдайына негизделиши керек болгонуна карабай, алигиче алардын ортосундагы ажырым мурдагыдай эле калып келе жатат.

Жогоруда биз ааламдашуу жараянынын карама-каршылыктуу табияты, анда байкалган эки мүнөздүү багыт (тенденция) жөнүндө айтып кеттик. Биздин оюбузча, аталган багыттар, бир чети, бири-бирине каршы келгени менен, бир чети, бири-бирин толуктап, элдердин, маданияттардын, тилдердин өнүгүүсүнүн кыймылдаткычы болуп келет.

# Түрк элдеринин эл аралык тил форумундагы пикирлер

**Хүлия Касапоглу ЧЕНГЕЛ, профессор. ТҮРКИЯ**

– Мен форумга Түркиянын өкүлү катары катыштым. Форумдун идеясы 20-кылымда Исмаил Гаспыралы баштаган "Тилде, пикирде, иште бирдик" түзүмүнө шайкеш келет. Бул идея ошол кезде бүткүл Түркстанга жайылган. Андан соң 1926-жылы Бакуда түркология курултайы уюштурулган. Бул курултайдын өтүшүнө Гаспыралынын пикири негиз болуп, бүткүл түрк дүйнөсүнүн окумуштуулары, илимпоздору, изилдөөчүлөрү бир арага келип, ортоk тил, алфавит жана ортоk маданий турмуш тууралуу ой-пикирлер талкууланган. Казакстандан Ахмет Байтурсунов, Кыргызстандан Ишенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов ж.б көрүнүктүү, саясий ишмерлер катышкан. Менимче, бүгүнкү форум мына ушул жыйындын уландысы. Форумда айтылган ой-пикир, сунуштар келечек урпактарыбызга жол көрсөтөт деп ишенем.

**Сыртбай МУСАЕВ, академик. КЫРГЫЗСТАН**

– Бул форумдун тарыхый мааниси өтө жогору. Анткени, түрк элдеринин ичинде эң байыркысы – кыргыздар. Демек, тили дагы байыркы тилдердин бири. Тилдик элементтердин баары кыргыз элинде, тилинде сакталган. Түрк тилдеринин эң күчтүү закону - сингормонизм. Кыргыз тилинде бул закон толук сакталган. Бул тилдин уникалдуулугун көрсөтөт. Башка тилдердин бардыгында бул закон экинчи, үчүнчү муундан баштап бузула баштайт. Өздөрүнүн байыркы өзгөчөлүктөрүнөн алыстап бараткан да тилдер бар.

Форум эл аралык деңгээлдеги алгачкы форум. Айрым бир негизги маселелерди белгилеп алдык. 3 жылда бир жолу өткөзүү сунушу каралды. Алдыда дагы конкреттүү маселелерди талкуулап, ошонун негизинде түрк элдеринин жазуу системасын унификациялап, түрк тилдерин жакындатуу маселеси көтөрүлөт.

**Мурадкасим АБДИЕВ, профессор. ӨЗБЕКСТАН**

– Түрк тилдүү элдердин биринчи эл аралык тил форумуна катышканыма кубанычтамын. Түрк элдерин бириктирүү үчүн тилдерин жакындатуу, биримдикти чыңдоо жаатында алгачкы кадамдар жасалды. Бул жакшы иштин башаты. Форумду уюштурган Мамлекеттик тил комиссиясына терең ыраазычылыгымды билдирем. Сиздерде мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлүп жаткан экен, мына ошол тажрыйбаны башка түрк тектеш өлкөлөр менен бөлүшүү зарыл. Форумда көп изилдөөчүлөр менен тааныштык, пикир алыштык. Бул иш-чара дагы өткөрүлүшү кажет.

**Реджепмухаммед ГЕЛДИЕВ, окумуштуу. ТҮРКМӨНСТАН**

– Кыргыз жергесинде өткөн форумга катыштык. Форумда айтылган пикир, сунуштарга толук кошулам. Себеби, түрк тилдеринин миңдеген жылдык тарыхы бар. Кыргыз болобу же түркмөн болобу, жалпы түрк элдеринин башаты, тарыхы бир. Баарыбыз түрк тектеш элдердин курамына киребиз. Форумду уюштуруп, өткөргөн меймандос кыргыз элине ыраазычылык.

**Салкынбай Анар БЕКМЫРЗАКЫЗЫ, профессор. КАЗАКСТАН**

– Форумда Түрк мамлекеттеринин илимпоздору ак калпак, ак жүрөк, адал ниет кыргыз элине, Кыргызстанга келип, өз илимий изилдөөлөрүбүз менен тааныштырып, баяндама жасадык. Форумдагы эң маанилүү учур, түрк элдеринин тили, пикири, маданияты, үрп-адаты, салты бир, ажырагыс экенин көз алдыбыздан өткөргөнүбүз болду. Азыркы ааламдашуу, өзгөрүү, кыйынчылык толгон заманда түрк элдери бирге болушубуз абзел. Биримдикте, ынтымакта бирге жаңы доорго умтулалы. Ушул форумду демилгелеп, уюштурган жалпы кыргыз элине, уюштуруучуларга казак элинин атынан ыраазычылык билдирем.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ
№10 (296)
27 10 2023
kyrgyztili@mail.ru

# «ТАЙ» СӨЗҮНҮН ЭТИМОЛОГИЯСЫ



**Таалайбек АБДИЕВ,**
**Кыргыз-Түрк «Манас» университети, филология илимдеринин кандидаты**

Белгилүү болгондой, тууганчылык терминдери тилдин архаикалык катмарын түзөт жана туугандык байланыштарды туюндурган бул лексика-семантикалык аталыштар тобу ар бир тилдин негизги сөз курамына кирет. Түрк тилдериндеги, анын ичинде кыргыз тилиндеги тууганчылык терминдер буга чейин бир катар эмгектерде изилденгендиги белгилүү. Бул чакан макалада жалпы эне тарабынан туугандыкты билдирүүчү тай сөзүнүн этимологиясын чечмелөөгө аракет жасалат.

Башка көпчүлүк түрк тилдериндегидей эле кыргыз тилинде да эненин туугандары «Тай» деп аталат: «Тай I родство по материнской линии (это родство распространяется на целые роды и колена; принято считать, что хорошие и плохие задатки человека передаются по этой линии)». Белгилүү болгондой, ушул компоненттин жалганышы аркылуу эне туугандарынын конкреттүү аталыштары жасалат: «Тай ата (или таята) дед по материнской линии; Тай эне (или таене) бабушка по материнской линии; Тай эже (или таеже) сестра по материнской линии (старшая и младшая); Тай аке (или таяке) старший родственник по материнской линии; Таажеңе (вместо тай жеңе) старшая родственница матери или жена старшего родственника матери; таажезде (тай жезде) муж сестры матери, дядя. Мындай терминдердин толук сакталышы жагынан кыргыз тили башка түрк тилдеринен айырмаланып турат.

Н.П.Дыренкованын 1927-жылы жарык көргөн «Брак, термины родства и психические запреты у кыргызов» аттуу эмгегинде кыргыздар эне тарабынан туугандарга өзгөчө урмат менен мамиле кылары, мында тайларынын жашы эске алынбастан, «жээн таякесин бешикте жатса да таяке деп айта тургандыгы» белгиленген. Ошого жараша таяке да жээнин сыйлоого милдеттүү болгон: «Племянники ездят к дяде столько раз, сколько хотят, и каждый раз берут какой-нибудь подарок. Дядя не имеет права отказать им до тех пор, пока имеет какое либо имущество. Просить племянник может все, что ему вздумается. Если же племянник станет просить дорогую для дяди вещь (главным образом любимую лошадь), и дядя откажет ему, то племянник может взять ее у дяди и без разрешения. Мнение стариков (аксакалов) будет на стороне племянника».

Кыргыздардагы таяке-жээндин ортосундагы ушундай мамиле С.М.Абрамзондун эмгегинде да баяндалган: «В 1950 г. в колхозе «Эркин-Тоо» Узгенского р-на мы побывали в небольшом домике бригадира Арстанбека Чынгараева. В 1948 г. его построил для себя ветсанитар колхоза Бекмамат Эсеналиев. Сын его сестры Арстанбек недавно женился, и его хотели выделить. Дядя (тага) Бекмамат, обязанный по обычаю позаботиться о своем племяннике (жээн), отдал ему свой новый дом, а для себя позднее построил другой. Этим, несомненно, была отдана дань старой традиции, признавшей законным требование племянника на материальную помощь со стороны брата матери, особенно во время брака. Приведенные факты свидетельствуют о прочности связей с родственниками по материнской линии».

Тилекке каршы, түрк тилдеринин, анын ичинде кыргыз тилинин тууганчылык терминологиясында ушундай олуттуу орунду ээлеген тай сөзүнүн этимологиясы азырынча белгисиз. К.Сейдакматовдун «Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгүндө» бул сөз жок. К.Малаев «Кыргыз тилине кирген араб жана фарс сөздөрүнүн сөздүгү» аттуу эмгегинде бул сөздүн араб тилинен киргендигин дадилдөөгө аракет жасаган: «Тага ар. 1. тэгэ = тэгалэ – бийик, улук; 2. тагэ – багынуу, жеңилүү) – таай (тай-аке)». Көрүнүп тургандай, бул божомол негизин туудурбайт. Айрым түрк тилдеринин этимологиялык сөздүктөрүндө да бул сөз кездешпейт.

Түрк этимологиясындагы олуттуу эмгектердин бири «Этимологический словарь тюркских языков» аттуу эмгекте бул сөздүн теги боюнча мындай божомол берилген: «Компонент тай~дай во всех сочетаниях и сращениях, приводившихся выше, по логике вещей функционирует, вероятно, в значении «Мать», и при этом допущении значение всего сочетания выводится без труда: тай+ата= «Отец матери» = «Дед по матери»; тайне < тай ене «Мать матери» = «бабушка» и т.п. Правомерно поэтому думать, что значение тай «Родство по матери» в киргизском является скорее вторичным». Yong-Söng Li да өз эмгегинде тай эне сөзүн ушул сыяктуу чечмелейт. Бул пикир жөндүү көрүнгөнү менен бир олуттуу өксүгү бар: түрк тилдеринин эч биринде тай//дай сөзү «Эне» деген маанини билдирбейт.

Түрк тилдеринин огуз тобуна кирген түрк тилинде тай сөзү «равный, подобный» деген маанини туюндурат. Азыркы кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө тай деген беш омоним сөз бар, бирок алардын эч бири түрк тилиндегидей мааниге ээ эмес. Бирок кыргыз тилинин диалектилеринде бул бар. Алсак, Кетмен-Төбө говорунда тай сөзүнүн жогорудагы «тең» деген мааниси сакталып калган: «тай IV кетм. тең; эч ким тай келбейт; тайыңды таап ойно».

К.К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» ушуга мааниси жакын тайталашдеген эки омоним этиштин биринин мааниси ушуга абдан жакын: «тайталаш- II не отставать друг от друга, идти наравне с другими». Бул сөздөрдүн баштапкы шекили тайтайлаш - болушу да мүмкүн, анткени ушул ойго жем таштай турган айрым диалектилик материалдар бар: «Тайтайлаш- жжол. бирдей, тепетең кармап күрөшүү; көпкө чейин тайтайлашып жыгыша албады».

Белгилүү болгондой, азыркы кыргыз адабий тилинде жогорудагы мааниде тай сөзү эмес, тең деген сөз колдонулат. Анын туундусу адабий тилде колдонулса, тайдын туундусу диалектилерде кездешет: «Теңдеш- тең келүү, теңеле алуу, кем калышпаган бирдей абалда болуу»; «Тайлаш- жерг. таймашуу; экөө көпкө тайлашып, бирини бири жыга албады». Бирок экөөнүн бирге колдонулган учуру да бар: «Теңтайлашкандайдыр бирөөлөр менен бирдей даражада, катарда болууга аракет-теңүү, атаандашуу. Жогоруда келтирилген мисалдардан тайлаш- деген диалектизм адабий тилде таймаш- болуп фонетикалык жактан өзгөргөнү, ал эми тайтайлаш- деген диалектизмдин ордун адабий тилде теңтайлаш- сөзү ээлеп калганы байкалат.

Мындан тышкары, тай азыркы кыргыз тилинде сырдык сөз катары да сакталып калган: «Тай-тай жаңыдан тамтуң басып калган же басайын деп келаткан баланын басуу аракетин кубаттоо, эркелетүү учурунда колдонулат». Ошентип, жаңы баса баштаган балага тай-тай деп айтуу менен биз «тең-тең, эки агыңды теңде, жыгылба» деп тилек айтабыз десек болот. Буга тектеш тайтайэтиши да буга кыйыр далил боло алат.

Басайын деп келаткан балага айтылуучу дагы бир сырдык сөздүн мааниси да жогорудагыга окшош: "Каз II подражательное слово; каз-каз ножками-ножками, топ-топ (так говорят ребёнку, приучая его ходить); каз тур- (о ребёнке) начать ходить". Көрүнүп тургандай, мында да бала каз сыяктуу аягын теңдеп, жыгылбай басып кетсин деген маани бар.

Ушундай эле сырдык сөз тиешелүү туундулары менен түрк тилинен да кездешет: «tay durmak стоять на ножках (о ребёнке, который еще не умеет ходить); tay tay! стой! стой! (побуждение маленьких детей стоять на ногах); tay tay arabası ходунки для начинающего ходить ребёнка».

Ошентип, түрк тилдериндеги эне тарабынан туугандыкты билдирүүчү тай сөзү «тең, бирдей» деген маанини туюндурган байыркы төл сөз дей турган болсок, төмөндөгү аталыштардын мааниси дароо түшүнүктүү болот: тай ата > таята = «тең ата»; тай эне > таене = «тең эне»; тай ага > тага = «тең ага»; тай аке > таяке = «тең аке»; тай эже > тажже = «тең эже», тай жезде > таажезде «тең жезде». Түрк элдеринде, анын ичинде кыргыз элинде эне тарабы да ата тарабы сыяктуу эле тең даражада, ал турсун кээде жогору (мисалы, Н.П.Дыренкованын эмгегинде белгиленгендей, жашы кичүү болгон учурда да эненин инилери же сиңдилери таяке же таяже деп айтыларын билебиз) коюлары да бул ойду бекемдейт.

Андай болсо эмне үчүн тай сөзүнүн синоними болгон тең тууганчылык терминдеринде колдонулган эмес деген суроо туулушу мүмкүн. Мунун жообу жөнөкөй эле: тең сөзү түрк тилдерине кытай тилинен өткөн. Огуз тобуна кирген батыштагы түрк тилинде денк шекилинде кездешкенине караганда, бул сөз байыркы учурларда эле өздөштүрүлсө керек.

Жогорудагы тилдик материалдардан көрүнүп тургандай, тай сөзү өз ордун кытай тилинен өздөштүрүлгөн тең сөзүнө бошотуп берип, айрым диалектилерде жана сырдык сөз катары сакталып калган жана ушундан улам тууганчылык терминдериндеги мааниси күңүрт болуп кеткен десек болот. Ошол эле учурда тең сөзүнүн катышуусу менен эски модель боюнча татаал сөздөр жасала берген: «Тең ата туугандыгы жактан бирдей даражада, бирдей укукта, биринен биринин өйдөчүлүгү жок; тең туган туугандык, тек жагынан укугу бирдей, бири-бирине укугу тең».

Л.А.Покровская тай сөзүнүн фонетикалык өнүгүшүн төмөнкүдөй чечмелейт: «Таким образом, фонетическое развитие рассматриваемого термина можно представить в виде следующей примерной схемы: тага // тагай > таай // даай > тай // дай > дайын > дайы».

Бирок Л.А.Покровская ошол эле эмгегинде мындай дейт: «В киргизском языке, где существуют одновременно два фонетических варианта тай и тага, между ними имеется и семантическое различие: тай является общим термином для обозначения родства по матери и употребляется главным образом в составе сложных терминов родства со стороны матери… Вариант же тага в киргизском языке имеет специализированное значение: «Дядя со стороны матери».

Бул пикир автордун жогорудагы өзүнүн схемасына каршы келет, анткени тага сөзү тай аке > таяке деген сыяктуу эле тай ага > тага болуп кыскарып кеткен кошмок сөз десек болот жана буга негиз боло турган диалектилик мисал да бар. Алсак, кыргыз тилинин Баткен говорунда мунун кыскара элек варианты бар: «тайага батк. таяке; тайата, тайагалары келип калат». Биздин оюбузча, тага сөзүнүн жогоркудай конкреттүү маани туюндуруп жатышынын себеби мына ушунда. Ошентип, тай сөзү, Л.А.Покровская айткандай, тага сөзүнөн эмес, тескерисинче, тага сөзү тай ага сөзүнөн келип чыгат деп ишенимдүү айтсак болот.



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ

№10 (296)
27 10 2023
kyrgyztili@mail.ru

# Россиянын жогорку окуу жайларында кыргыз тилин окутуу тажрыйбасы (Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинин мисалында)

**Жеңишгүл ХУЛХАЧИЕВА,**
**Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинин КМШ жана жакынкы чет өлкөлөрүнүн тилдери жана маданияты кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент**



Москва мамлекеттик лингвистикалык университети – КМШга мүчө-мамлекеттердин тилдери жана маданияты боюнча негизги макамын алгандан тартып, КМШ алкагында 20 жылдан ашуун убакыт аралыгында өз ишмердүүлүгүн ыраттуу түрдө жүргүзүп келүүдө. Бул аралыкта КМШ жана жакынкы чет өлкөлөрүнүн ЖОЖ менен тыгыз байланышта кызматташтыкта болуп, көптөгөн ири жана маанилүү ишчараларды өткөрүүдө.

Бүгүнкү күндө МГЛУда 38 дүйнө тилдери, анын ичинде тогуз КМШ жана жакынкы чет өлкөлөрүнүн (азербайжан, армян, грузин, казак, кыргыз, румын, тажик, өзбек, украин) тилдери окутулат. Төрт түрк тили, алардын ичинде кыргыз тили экинчи чет тили катарында окутуу программасына кирген. Албетте, бул кыргыз тилинин өнүгүү тарыхында өзүнчө бир маанилүү көрүнүшкө ээ. Себеби, кыргыз тили биринчи жолу Россиянын ЖОЖда, тагыраак айтканда, ММЛУда расмий түрдө окуу планына киргизилип, бюджеттик топто биринчи курстан төртүнчү курска чейин негизги предмет катарында окутулуп келет. Ошону менен бирге эле кыргыз тилин чет тили катары окутуу процессинде психолингвистикалык-усулдар, биринчи кезекте, активдүү баарлашуу ыкмасы, ошондой эле илимий изилдөөнүн тил жана аймак таануу, тил жана маданият таануу багыттары да калыптанууда.

Белгилеп кете турган дагы бир маанилүү көрүнүш, бул ММЛУда ачылган КМШ жана жакынкы чет өлкөлөрүнүн тилдери жана маданияты кафедрасы. Бул кафедра КМШ аймагында биринчи жолу МГЛУда ачылды. Дал ушул кафедрада кыргыз тили экинчи чет тили катарында окутулуп, жалпы жана кошумча билим берүү окуу программалары иштелип чыгып, дипломдук, магистрдик иштер, атүгүл, бүгүнкү күндө биринчи кандидаттык иш да жазылып жатат.

Москва мамлекеттик лингвистикалык университети КМШ мамлекеттеринин ЖОЖдору, анын ичинде Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары менен тыгыз байланышта кызматташат. Атап айтсак:

1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
2. К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети
3. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
4. Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети
5. К. Дикамбаев атындагы Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясы

Кызматташуунун багыттары ар тараптуу: биргелешкен илимий-практикалык конференциялар, форумдар, тегерек столдор, семинарлар, олимпиадалар, илимдин, маданияттын көрүнүктүү ишмерлери менен жолугушуулар, биргелешкен окуу программалары, мугалимдердин жана студенттердин тажрыйба алмашуулары, биргелешип жазылган окуу китептери, илимий жана социалдык-билим берүү долбоорлору ж.б.

Учурда кафедрада кыргыз тили боюнча төмөнкүдөй окуу программалары иштелип чыкты:

Жалпы билим берүү программалары:

I. Кыргыз тили :

- Экинчи чет тили;
- Экинчи чет тилинин практикалык курсу
- Эл аралык баарлашуу тили болгон өлкөнүн тарыхы, географиясы жана маданияты;
- Кесиптик баарлашуу маданияты боюнча практикум.

**Кошумча билим берүү программалары:**

I. Интенсивдүү курс (үзгүлтүксүз жана аралыктан окутуу):

– Кыргыз тили чет тили катары (баштапкы деңгээл);

– Кыргыз тили чет тили катары (негизги деңгээл).

II. Сырттан окуу курсу (дистанттык билим берүү):

– Кыргыз тили (баштапкы деңгээл);

– Кыргыз тили (негизги деңгээл).

III. Кесиптик кайра даярдоо үчүн кошумча билим берүү программасы

Чет тили жана маданияты окутуучусу (кыргыз тили):

– Чет тилинин практикалык курсу;

– Чет тилинин оозеки баарлашуу маданияты практикуму;

– Чет тилинин теориясынын негиздери;

– Кесиптик педагогикалык коммуникация практикуму;

– Тил таануу жана аймак таануу.

ММЛУда кыргыз тилин окутуу процессинде окуу-методикалык куралдарынын ролу зор. Кыргыз тилин чет жерде окутуу процессинин алгачкы жылдарында окуу китептери боюнча бир топ оорчулуктар болду. Себеби, Кыргызстанда жарык көргөн окуу китептери негизинен кыргыз тилин үйрөнүп жаткандарга ылайыкташтырылган. Ал эми Россияда кыргыз тили чет тили макамында, тил ээлери жок чөйрөдө окутулууда. Арийне, бул тил үйрөнүү процессинде бир топ оорчулуктарды жаратат, себеби тилди өздөштүрүү үчүн тил чөйрөсү жокко эсе. Ушундан улам ММЛУнун жана Кыргызстандын ЖОЖдорунун мугалимдери менен биргеликте кыргыз тили боюнча көптөгөн окуу китептери, окуу куралдары иштелип чыгып, жарык көрдү. Атап айтсак:

1. Кыргыз тилинин практикалык курсу. МГЛУ: Рема, 2008.
2. КМШ өлкөлөрү үчүн кыргыз тили. МГЛУ: Рема, 2012.
3. Кыргыз тили. Москва: Живой язык, 2017.
4. Кыргыз тилинин теориялык жана практикалык курсу. 1-бөлүк. МГЛУ: Рема, 2022.
5. Кыргыз тили жана маданияты. Хрестоматия. МГЛУ: Рема, 2008.
6. Кеп маданиятынын негиздери. МГЛУ: Рема, 2010.
7. Оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн көнүгүүлөр. МГЛУ: Рема, 2012.
8. Сүйлөө маданияты боюнча практикум. Кыргыз тили. МГУ ИСАА, 2017.
9. Кыска кыргызча-орусча идеографиялык сөздүк. МГЛУ: Рема, 2020.
10. Кыргыз Республикасы: тарых, география, экономика, маданият. МГЛУ: Рема, 2022.
11. Кыргыз лексикологиясы. МГЛУ, БГУ, 2022.

Мындан тышкары, ММЛУда ишке ашырылып жаткан илимий жана социалдык-билим берүү багытындагы негизги эки чоң долбоор ишке ашырылып жатат.

**Биринчи, «Кыргыз тилин Моска мамлекеттик лингвистикалык университетинде кыргыз атуулдарына окутуу» долбоору. Аталган долбоордун негизги максаттары:**

– РФнын аймагында иштеп жана жашап жатышкан кыргыз жарандарынын балдарына эне тилин – кыргыз тилин окутуу;

– МГЛУда кыргыз тилин жана маданиятын кеңири жайылтуу үчүн маданий-тилдик чөйрөнү түзүү жана маданий баарлашууну өнүктүрүүгө умтулуу максатында дүйнөлүк маданий мурас болуп саналган Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөө боюнча атайын курстарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

– Заманбап жалпы билим берүү программаларын иштеп чыгуу максатында Кыргызстандын ЖОЖдору менен тармактык кызматташтыкты өнүктүрүү;

– Кыргызстандын ЖОЖдору менен максаттуу билим берүү программаларын уюштуруу жана ишке ашыруу.

Экинчи, «АЙТМАТОВ ОКУУЛАРЫ: Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгынын КМШ өлкөлөрүнүн маданий мейкиндигинде жана дүйнөлүк көркөм маданияттагы ролу» аттуу эл аралык илимий долбору өткөрүлөт. Аталган илимий долбоордун максаттары:

– Кыргызстан менен Россиянын ортосунда узак мөөнөттүү, туруктуу академиялык, гуманитардык жана маданий байланыштарды түзүү;

– Элдик дипломатияны өнүктүрүү;

– Көркөм адабиятка болгон кызыгууну арттыруу;

– Кыргыз жана орус тилдерин улуттар аралык баарлашуунун тили катары кеңири жайылтуу.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ
№10 (296)
27 10 2023
kyrgyztili@mail.ru

# ПУШКИН КЫРГЫЗ ЖЕРГЕСИНДЕ



**Гүлжигит СООРОНКУЛОВ,**
**Филология илимдеринин доктору**

*(Уландысы)*

*Абайла, казак, сууга бата көрбө,*
*Баладай сууга баткан көзүн ирмеп,*
*Сууга түшүп эң ысык күн чагында,*
*Чечен жүрөт дайранын ар жагында.*

*Будь осторожен, казак, не завязни в воде,*
*Как ребенок, завязший в воде, моргая глазами,*
*Купающийся в воде в самую жаркую пору дня.*
*Чеченец ходит на другой стороне реки).*

К. Баялинов которгон вариантында Пушкиндин орус аскери – казакты, – бейкапар жаш балача, суунун ары жагында бекинген чеченге жем болуп калба дегенин котормочу такыр эле түшүнгөн эмес. Бул жерде дагы бир кошумча кеп, кыргыздын “Бата көрбө” деген сөзү сормо, ылай, саз менен гана байланыштуу, эч качан суу менен колдонулбагандыгында гана эмес. Сууга чөгүп кетүүгө гана болот, бирок эч качан батып кетүүгө мүмкүн эмес. Котормодо казак күндүн эң ысык мезгилинде, коркунучка карабай, дарыяга (өзөнгө) мемиреп түшүп жаткан акыл-эси жок балага окшоштуруу сыяктуу пушкиндик чебердик алдын алуу-салыштыруу да жок. Ошондой эле котормочуга эмнегедир сууга чөгүп бараткан бала сөзсүз көзүн ирмеши керектей сезилет (таңкалуудан же түшүнбөстүктөнбү?!). Буга кошумча кара шрифт менен белгиленген эки саптын дагы таптакыр ыгы жоктугу – ал кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшүнө жооп бербегенин өз убагында К.Х. Джидеева белгилеп кеткен.

Каалагандай эркин которуунун (каармандын оригиналдагы жок бул же тигил мүнөзү, аракеттери өзүнүн атынан кошулганда) көптөгөн мисалдарын алгачкы котормолордон кезиктирүүгө болот. Бул котормолордун арасында мыктыларына караганда чала котормолор көп болсо да, алар эки элдердин ортосундагы андан аркы адабий байланыштардын бекемдешине түрткү болбостон гана, ошондой эле кыргыз акындары менен жазуучуларына кесиптик чыгармачылыктын жолуна ишенимдүүрөөк түшүүгө, автордук почеркин иштеп чыгууга көмөк болгон.

Мына ошондуктан өз чыгармачылыгын алгачкы жылдарында котормолордон баштабаган биринчи кыргыз кесипкөй акындары менен жазуучуларынын арасынан бир дагы авторду табууга болбойт. Ал эми бул процессте улуу орус акынынын лирикасы, албетте, баарын өзүнө тартып турган, анткени Пушкин, Н.В. Гоголдун айтуусу боюнча: “Чрезвычайное и может быть единственное явление русского духа, в котором русская природа, русская душа, русский язык, русский характер отразились в такой же чистоте, в такой очищенной красоте, в какой отражается ландшафт на выпуклой поверхности оптического стекла”. Улуу орус акынынын ырларын өз тилине реалисттик которуунун жолдорун издөө – кыргыз калемдештерине поэтикалык көңүл эргүү боюнча дүйнөнү эстетикалык көрүүнүн жаңы горизонтторун ачып жатты.

Ар кайсы жаш куракта, адабий шыктын ар кандай деңгээли жана турмуштук тажрыйбасы менен кыргыз акындары жана жазуучулары Пушкиндин чыгармаларынын котормолоруна кайрылып жатышты. Алардын арасынан кээ бири жомоктордон, кайсы бири прозадан баштаганына карабастан, бардыгы бул же тигил деңгээлде орус акынынын лирикасын которуу – ага урмат көрсөтүү деп, же болбосо башка улуттун элдеринин маданиятына, турмуштиричилигине, адамдарына кадырбарк билдирүү деп түшүнгөн.

А.Т. Твардовский “Из всего наследия Пушкина, может быть, именно лирика самым ближайшим образом соприкасается с нашим днем, с нравственной и эстетической потребностью наших людей, в первую очередь нашей молодежи” деп, божомолдоодо акындын ырларынын дал ушул сапатын назар туткандыгы билинип турат.

Ушул эле жөнүндө, бирок башка сөздөр менен “Василий Тёркиндин” жаратуучусуна чейин улуу орус сынчысы В.Г. Белинский да мындай деп айтып кеткен: “Есть всегда что-то особенно благородное, кроткое, нежное, благоуханное и грациозное во всяком чувстве Пушкина. В этом отношении, читая его творения, можно превосходным образом воспитать в себе человека, и такое чтение особенно полезно для молодых людей...”.

Кыргыз изилдөөчүсү К.Х. Джидеева тастыктагандай, кесиптик поэзиянын баштоочулары (Аалы Токомбаев, Мукай Элебаев, Жусуп Турусбеков, Кубанычбек Маликов, Жоомарт Бөкөнбаев ж.б.) өз каалоолору, ички тартылуусу боюнча эмес, ошол мезгилдин зарылдыгына байланыштуу акындар да, редакторлор да, сынчылар да, журналисттер жана котормочулар да болушкан. Эзелтен бери ата-бабалары ооз эки поэзиянын каада-салттарында тарбияланган окурмандарга поэзия, фольклордо бай каада-салтка ээ болуп жана ошол жылдардагы кыргыз адабиятынын жетектөөчү жанры болгондуктан, интенсивдүүрөөк таасир тийгизишкен.

Массалык кыргыз окурмандын улуу орус акындын ырлары жана жомоктору менен чыныгы таанышуусу XX кылымдын 30-жылдарынын ортосуна таандык. Дал ушул мезгилде орус классикалык адабияты кыргыздардын акыл-эсинде, эң биринчи кезекте, А.С. Пушкиндин аты жана акындын чыгармачылыгы менен байланыша баштайт. Так ушул мезгилде Пушкиндин чыгармаларын которуу боюнча иш да жанданган. “Кыргыз совет адабияты” журналы улуу орус акынынын дүйнөдөн кайтканынын 100 жылдыгына карата төмөндөгү чыгармалар: “Цыгандар” (К. Маликовдун котормосу), “Таш конок” (Ж. Турусбековдун котор.), “Дубровский” (Х. Карасаевдин котор.), “Балыкчы жана балык жөнүндө жомок” (У. Абдукаимовдун котор.), “Гавриилиада” (А. Токомбаевдин котор.), “Капитан кызы” (М. Кырбашевдин котор.), “Лирикалык ырлар” (А. Токомбаев жана К. Маликовдун котор.), ошондой эле В. Вересаевдин “Пушкиндин өмүр баяны” жарык көргөндүгү тууралуу окурмандарга билдирген.

Албетте, котормолордун сапаты бирдей болбой, котормочунун баамына, талантына байланыштуу болгон. Орус тилин жакшы билбей, орус турмушунун этномаданий реалийлерин түшүнбөй, котормонун теориясы менен тааныштыгы жок кыргыз жаш акындары чыгармалардын маңызына, К.Х. Джидееванын образдык аныктоосу боюнча, карбаластап, караңгыда баскан адам сыяктуу жетишишкен. Ал эми И. Кашкиндин айтуусу боюнча: “Переводчик без теории, это – ремесленник, изредка чудесный умелец, но чаще ограниченный кустарь-одиночка, способный в меру своего таланта на случайные достижения и подверженный далеко не случайным срывам и даже провалам. Он открывает давно открытые Америки и блуждает среди трех сосен мнимых, давно преодоленных трудностей”.

Бирок, ошол мезгилдеги эң мыкты котормолор таанып билүү-эстетикалык функцияны гана ийгиликтүү аткарбастан, ошондой эле кыргыз котормосунун, улуттук котормочул каада-салтынын базистик принциптерин салып баштаган.

Мезгил жана кыргыз элинин сабаттуулукка массалык тартылуусу орус акынынын чыгармаларын кайрақайра жаңылап окуп чыгууну талап кылган. Кийинки муундагы кыргыз котормочуларынын бир тобу уламдан-улам эстетикалык таламы күчөп бараткан окурмандардын көңүлүнө Пушкиндин шедеврлеринин кыргыз тилиндеги варианттарын сунуштап жатышты. А.С. Пушкиндин чыгармаларынын жаңы котормолорунун жыйнактары орточо алганда ар бир он жылда массалык тираж менен чыгып жатты.



Пушкиндин чыгармаларын кыргыз тилинде өздөштүрүүнүн мүнөздүү жагы – бир эле чыгарманын көп варианттуу берилиши. М.А. Рудовдун айтуусу боюнча, – “Стихотворение “Узник” – первое произведение Пушкина на киргизском языке – известно в семи переводах... Есть пять различных переводов “Медного всадника”, несколько вариантов “Сказки о мертвой царевне и семи богатырях”, “Сказки о попе и о работнике его Балде”, три перевода “Полтавы”, шесть – “Во глубине сибирских руд”, роман в стихах “Евгений Онегин” переводили в разное время А. Осмонов, К. Баялинов, Э. Турсунов”.

Пушкиндин ырларынын бир нече ирет кыргыз тилине которулган тизмесин уланта берүүгө болот, бирок “абсолюттук чемпиону – бул “К***” (“Я помню чудное мгновенье” ) чыгармасы. М.А. Рудовдун эсеби боюнча, мындай трансляциялардын саны 15-ке жеткен жана дагы деле жаңы котормолордун пайда болушун жокко чыгаруу болбос.

Белгилүү адабиятчы жана коомдук ишмер О. Ибраимовдун пикири боюнча: “...70-е годы (прошлого века. – Г.У.) обозначили дальнейшее движение вглубь и в то же время расширение жанрового и тематического диапазона переводной литературы. Новое прочтение уже переведённых произведений, своеобразная ревизия текстов с одновременным научно-критическим осмыслением профессиональных проблем перевода определили творческое лицо этого десятилетия... По далеко не исчерпывающему подсчету, стихотворение А.С. Пушкина “Я помню чудное мгновенье...” переводилось 17 раз. Множество раз переводились “Я памятник себе воздвиг...”, “Я вас любил...”, “В Сибирь” и другие шедевры русского поэта”.

Котормочулардын иши уламдан-улам татаалыраак болуп жатты. Анткени совет билимдин жылдарында кыргыз окурмандарынын жаш мууну өсүп чыкты. Алар орус тилинде кенен сүйлөгөндүктөн, котормолорго улам жогорураак талаптарды коюшкан. Мына ушундан келип, К.Х. Джидееванын айтуусу боюнча, көркөм котормонун сапаттуу жаңы функциясы келип чыгат: “функция художественного перевода: правдиво, не искажая достоинства оригинала, передавать его подлинную эстетическую ценность и национальное своеобразие содержания и формы. Только в этом случае перевод способен стать фактом родной поэзии, может развить эстетический вкус читателей, воспитывать чувство прекрасного, гражданственного, чувства уважения культуры иного народа. Только такой перевод в настоящее время способен удовлетворить потребности современного читателя и стать средством взаимообогащения и взаимосближения национальных литератур”.

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ
№10 (296)
27 10 2023
kyrgyztili@mail.ru

А. П. ЧЕХОВ

# Ионыч

## (Аңгеме)



**Кыргызчага которгон
Бахтияр ШАМАТОВ**

*(уландысы)*

III

Эртеси кечинде ал кыздын колун сураганы Туркиндердикине жөнөп кетти. Бирок ыңгайы болбоду, Екатерина Ивановнаны бөлмөсүндө чачтарач анын чачын асемдеп аткан экен. Кыз клубдагы бий кечесине жөнөп туруптур.

Дагы ашканада узакка чай ичип отурууга туура келди. Коноктун ойлуу тартып эригип отурганын байкаган Иван Петрович аны алаксытыш үчүн төш чөнтөгүнөн каттарды алып чыгып, немис башкаруучунун күлкүлүү бир катын окуп берди.

«Булар кызына септи жакшы эле берсе керек», — элегей угуп жаткан Старцев ушинтип ойлоду.

Уйкусуз өткөргөн түндөн кийин татуу бир уктатуучу нерсе ичиргенсип анын тула бою талыкшып турду; жан дүйнөсү бүдөмүк тартып турса да көңүлү шат эле, ошол эле маалда башынын кандайдыр бир муздак, оор үзүмү ага акыл айтып жатты:

«Кеч болуп кала электе токтосоңчу! Бул кыз сенин теңиңби? Ал эрке өскөн, кылтыйма мүнөз, түшкө чейин уктайт, сен болсо бир дьяктын уулусуң, кыштак дарыгерисиң...»

«Эмне экен? — ойлоду ал. — Мейли да».

«Эгерде сен ага үйлөнө турган болсоң, анда анын туугандары сени земстводогу кызматыңды таштатып, шаарда жашаганга аргасыз кылышат».

«Эмне экен? — ойлоду ал. — Шаарда болсо шаарда да. Сеп беришсе калган шартты түзүп алабыз да...»

Ошол маалда балга кийчү көкүрөгүндө ачык тилими бар көйнөгүн кийген супсулуу, татынакай Екатерина Ивановна кирип келди, кыздын көргөн Старцев суктанганынан оозуна бир да сөз кирбей, тилден калгансыды, жалдырап карап гана күлө берди.

Кыз коштошо баштады, ал да ордунан козголду, бул жерде калып отургандын эми ага кереги деле жок болчу, ошондуктан үйгө барайын, бейтаптар да күтүп калды деди.

— Мейли эмесе, эмне кылабыз, — деди Иван Петрович, — жөнөңүз, баса Котикти ала кетип клубга таштай кетсеңиз.

Короодо жамгыр шыбыргактап турган экен, көзгө сайгыс караңгы болгондуктан Пантелеймондун кыркырай жөтөлгөнүнөн гана аттардын кайда турганын билсе болоор эле. Арабанын чатырын өйдө көтөрүштү.

— Мен килемден басып баратам, сен да калпты айтып баратасың, - деди бирдемени күбүрөгөн Иван Петрович кызын арабага отургузуп жатып, — ал да калп айтып келатат... Айда! Кошкула, мархамат!

Жөнөп кетишти.

— Мен кечээ күнү көрүстөндө болдум, — баштады Старцев. — Сиздин бул кылганыңыз жакшы эмес, кичине аясаңыз болмок мени...

— Сиз көрүстөндө болдуңузбу?

— Ооба, мен сизди ал жакта эки саатка чейин күттүм. Кыйналып кеттим...

— Эгерде тамашаны түшүнбөсөңүз, анда кыйнала бериңиз.

Ашыгына ушинтип амалкөйлүк менен тамашалаганына жана аны ушунчалык катуу сүйүп жатышканына ыраазы болгон Екатерина Ивановна каткырып күлүп жиберди да анан күтпөгөн жерден кыйкырып жиберди, анткени так ушул учурда аттар клубдун дарбазасын көздөй кескин бурулгандыктан араба бир жагына оой кыйшайып кетти. Старцев Екатерина Ивановнаны белинен кучактап алды; кыз болсо коркуп кетип ага жабыша калды эле, ал өзүн кармай албай кыздын эриндеринен, ээгинен аймалай өпкүлөп кирди да кучагына ого бетер бекемирек кысты.

— Жетишет, — деди кыз кургак бурк этип.

Бир ирмемден кийин эле бошой түшкөн арабаны карап клубдун жарык болуп турган кире бериш жагынан сакчы Пантелеймонго жагымсыз үнү менен бакырып коё берди:

— Эмне туруп калдың, карга? Бошот жолду, жөнө!

Старцев үйүнө кетти, бирок бат эле кайра кайтты. Бирөөдөн сурап алган фракты кийип, мойнуна кыкыйта байланып алган галстугу улам жакасынан ылдый жылмышкан Старцев түн жарымында клубдун конок бөлмөсүндө Екатерина Ивановнага токтоно албай бадылдап сүйлөп отурду:

— О, эч качан сүйүп көрбөгөндөр эмнени билмек эле! Менимче, махабатты эч ким так сүрөттөп бере албас, мындай назик, шат, жанды кыйнаган сезимди деги сүрөттөп болобу, сүйүүнү жок дегенде бир эле жолу башынан өткөргөн адам аны сөз менен айтып бере албас. Деги эле мунун эмне кереги бар? Чечендиктин не кереги бар? Менин сүйүүм чексиз... Суранам, жалбарам сизден, — деп жиберди Старцев, — мага күйөөгө чыгыңызчы!

— Дмитрий Ионыч, — деди ойлоно түшкөн Екатерина Ивановна абдан олуттуу түр менен. — Дмитрий Ионыч, мен сизге урматыңыз үчүн абдан ыраазымын, мен сизди абдан сыйлайм, бирок... — кыз ордунан турду сөзүн улантты, — бирок, кечиресиз, сиздин аялыңыз боло албайм. Олуттуу сүйлөшөлү. Дмитрий Ионыч, билесизби, мен өмүрүмдө искусствону баарынан артык көрөм, музыкага жанымды берүүгө даярмын, мен ага бүт өмүрүмдү арнагым келет. Мен артист болсом дейм, мен атак -даңкты, ийгиликти, эркиндикти каалайм, сиз болсо менин ушул шаарда калып, эч бир пайдасы жок, маңыздан куржалак, мен эчак тажап бүткөн жашоону улантуумду каалайсызбы. Аял бол дейсизби — о жок, кечиресиз! Адам эң жогорку, жаркырап жанган максатка умтулууга тийиш, ал эми үй-бүлөлүк жашоо менин колу бутумду бир өмүргө тушап салмак. Дмитрий Ионыч (кыз акырын жылмайып койду, анткени «Дмитрий Ионыч» деп атып «Алексей Феофилактыч» дегенин эстеди), Дмитрий Ионыч, сиз ак көңүл, асыл, акылдуу адамсыз, сиз баарынан мыктысыз... — анын көздөрүнө жылтыраган жаш кыла түштү, — мен сизге бүт жүрөгүм менен тилектешмин, бирок... бирок сиз түшүнөсүз...

Кыз ыйлап жибербес үчүн тескери бурулду да конок бөлмөдөн чыгып кетти.

Старцевдин опкоолжуп соккон жүрөгү ордуна келди. Клубдан сыртка чыгаары менен адегенде эле мойнун кыскан катуу галстукту шыпырды да төшүн кенен жая кере-кере дем алды. Кыз анын намысына тийгени үчүн бир аз оңтойсуздана уялып турду, - ал кыздан баш тартат деп күткөн эмес эле, - анткени бүткүл арман кыялдары, жанынын кыйналганы, үмүттөрү акыры келип аягы оюн сүйүүчүлөрдүн койгон кичинекей спектаклиндегидей минтип келесоолук менен бүтөөрүнө ишенбей турду. Өзүнө өзү боор ооруп, бөөдө кеткен махабаты үчүн өзүн өзү аяп, шолоктоп ыйлап жибергиси келип кетти, кол чатыры менен Пантелеймондун жайык даласына болгон жаалы менен тартып жибергенге да кайыл эле.

Үч күн иши колунан түшүп жүрдү, тамак, уйку дегенди унутту, анан Екатерина Ивановна Москвага консерваторияга окууга кетиптир деген имишти укканда биротоло жаны тынчып, мурдакы калыбындагы жашоосуна кайра түштү.

Кийин темселеп көрүстөнгө барганын, шаарды түрө кыдырып фрак издегенин эстеген сайын ыкшоо кериле кобурап:

— Абдан түйшүк тарткан турбаймынбы, көрсө! – деп койчу болду.

IV

Төрт жыл өттү. Старцевдин шаардагы иши кыйла кеңейип калган. Ал күн сайын эртең менен Дялиждеги ооруканада сыркоолорду шаша-буша кабыл алып коюп, анан баягыдай кош дөңгөлөк эмес, жылаажындары шыңгыраган үч ат чегилген араба менен шаардагы бейтаптарга жөнөп кетер эле да үйүнө дайыма кеч кайта турган. Кыйла толуп, салабаттуу болуп калган, жөө басканды жактыра берчү эмес, анткени деми кысып кетчү. Ат кошчусу Пантелеймон да семирип, туурасына өскөн сайын ал да үшкүрүп, өзүнүн армандуу жашоосуна нараазыланып калчу болду: арабакеч болуп жүрүп эзилип бүттү да!

Старцев көптөрдүн үйүнө барып, ар кандай адамдар менен ымалалашып жүрдү, бирок алардын эч кимисине жакындап, тыгыз мамиле күткөн жок. Анткени карапайым адамдар өзүлөрүнүн сөзү, турмушка болгон көз карашы менен, алтургай, тышкы кебетелери менен анын итиркейин келтирип турчу. Муну ал тажрийбасынан билет, кээде мисалы, бирөө менен карта чабышып, же ичип отурасың, ал тыш келбети жагымдуу, акылы деле жетик адамдай көрүнөт, анан эле тиш өтпөгөн бирдемелер тууралуу, айталы, саясат же илим тууралуу сүйлөшө келсең, ал ошол замат туюкка кептелип калат же өзүнүн акыл парасатына шайкеш келесоо чалыш мокок бир философиясын айтып кирет дейсиң, кол шилтеп туруп басып кеткенден башка аргаң калбайт. Бир жолу Старцев акылы зирек, эркин ой жүгүртө билет деген бирөө менен аңгемелешип көрөйүн деди, ага кудайга шүгүр, адамзат алдыга адымдап баратат, бара-бара паспорттун деле кереги болбой калат, өлүм жазасы да жоголот деди эле, тиги болсо ишенбегендей аны жүлжүйө карап туруп: «Демек, анда ар ким эле көчөдө баратып кимди болбосун союп сала берсе болот экен да?» десе болобу. Кээде Старцев коомчулуктун арасында, же башкалар менен тамак ичип отуруп эмгектенүү керек экенин, эмгексиз жашоо болбосун айтканда, башкалар муну жеме катары кабыл алып, ачуулана баштачу да мазени ала талашып кирчү. Анан да алардын бири да эч жерде иштебегендиктен, эч нерсе менен дегеле алектенбеген кыпкызыл бекерпоздор болгондуктан, алар менен эмне тууралуу сүйлөшүүнү ойлоп табуу да кыйын эле. Андыктан Старцев ар кандай сүйлөшүүдөн качып калган болчу, тамагын да унчукпай ичип, винт ойносо да чурк этпей ойноп, туруп кетчү болгон. Кээде кимдир бирөөнүн үйүндө үй-бүлөлүк майрамдын үстүнөн чыгып калчу, аны баары тамакка чакырышчу, ал отуруп дың деп ооз ачпай табакка тигилген бойдон тамагын жей берчү; бул убакта бери жактагылардын сөздөрү ага таптакыр кызыксыз, ныпым чыңгыы жок жана түккө турбаган кептер эле, ал итиркейи келип каны кызый түшсө да унчукчу эмес, ошондуктан мындай жүрүм-турумуу үчүн шаардагылар ал эч качан поляк болбосо да ага «кекирейген поляк» деп ат коюп алышкан болчу.

Ал концерт, кино деген көңүл ачуулардан оолактап турганы менен карта чабышканга дилгир болчу, күн сайын кечинде кеминде үч сааттай ырахаттана ойноп кетер эле. Анын бара-бара сезилбей көнүмүшкө айлантып алган дагы бир көңүл ача турган нерсеси – кечинде отуруп алып шыкай берип чөнтөктөрүнө толуп кеткен, сары, жашыл, атыр, сирке, чиркөө түтөткүчү, балык май жыттанган майда кагаздагы акчаларды алып чыгып санап отурчу, аларды ал күн бою бүт чөнтөктөрүнө сала берип жетимиш сомго чейин жетип барчу; анан алардын саны бир нече жүзгө жеткенде Старцев өз ара насыя Коомуна алып барып, өзүнүн учурдагы эсебине салып койчу.

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 сом
№10 (296)
27 10 2023
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ



# Алтынбек ИСМАИЛОВ

## ЭЛЕТТЕГИ ЭСКИЗДЕР

*Тигине, биздин үйдүн алмалары,*
*Тамчылап бирден жерге түшүп жатат.*
*Музоонун оозунда шым... Андан ары,*
*Магдырап сүткө тойгон күчүк жатат.*

*Чаңытып көчөнүн боз топурагын,*
*Чуркаса куюн тынбай оюнкараак.*
*Шамалдын кулагына доошу калың,*
*Шыбырап ыр окууда момун дарак...*

*Тутанып таш очоктун оту мына,*
*Тууралган эт чыңырат майга түшкөн.*
*Ак талдар бийлейт дайра шоокумуна,*
*Ак шайы көйнөгүнө сайма түшкөн.*

*Өптүрбөй агат булак мөлтүр өңүн,*
*Өрт чалган кызгалдактын баласына.*
*Таңыркап карайт гүлдөр өз сүрөтүн,*
*Тартылган көпөлөктүн канатына...*

*Чурулдап шакка конгон таранчылар,*
*Чокуса чоктой күйгөн мөмөлөрүн.*
*Жабыла жалбырактар адам сымал,*
*Жар салат табигаттын төрөгөнүн...*

*Чөп баскан адырдагы жолго жатып,*
*Чегиртке кыяк тартат ал арада.*
*Чүкөдөй чал келатат ойго батып,*
*Чаалыккан жалгыз аттуу арабада...*

*Кудуңдап жаш баладай айыл улам,*
*Кунт коюп угат түрдүү дабыштарды.*
*Желаргы өзөн жакка кайып улам,*
*Жүгүрөт шуудуратып камыштарды.*

*А тигил суу тегирмен талкан тартып,*
*Айланат мезгил менен жылдагыдай.*
*Кайыңдын көлөкөсүн тартандатып,*
*Күн болсо батып барат мурдагыдай..*

## КОШТОШУУ

*Калтырып элесиңди агыш карга,*
*Кеттиң сен оор үшкүрүп, алыстарга.*
*Жаркырап тийип турган Күн тутулуп,*
*Жабылды ортодогу жарык каалга!*

*Кусалык жүрөгүмдү ыштап дагы,*
*Көңүлдү ызгаар, ыза, муз каптады.*
*Сөөгүмдү, тамырымды зыркыратып,*
*Сүйүүнүн айланууда муздак каны...*

*Жабыркап мухиттеги кайык турмуш,*
*Жолуктук оор илдетке айыктыргыс...*
*Өрттөнүп, эки башка жолго түштүк,*
*Өчкөндө өзөктөгү жарык жылдыз!*

*Сүйүүбүз кулап, айтор, жар башынан,*
*Сезимге басты ысык тамгасын ал...*
*Биз азыр эңшерилип турган учур,*
*Бирөөлөр бөлө чапкан алма сымал!*

## ЖАЙЛОО

*Жайлоо. Боз үй. Желеде кулун турат.*
*Жел жүгүрөт кыр менен куюн туяк...*
*Тулкусуна батырып улуу Күндү,*
*Туш тарапка нур чачат тунук булак!*

*Булут каалгып асманда кара нардай,*
*Бой тирешет капчыгай... Карагайлар.*
*Жатат жолдо тушалган картаң айгыр,*
*Жал-куйругун шамалга тарай албай...*

*Көлөкөлөп куу дөбөт ар жактагы,*
*Кызыл тили салаңдайт, кайнап каны.*
*Кемегенин боюнда кер маралдай,*
*Келин жүрөт казанга нан жапканы.*

*Ташка конгон чымчыкты чоочун санап,*
*Тоо дайрасы булкунуп, шоокум салат.*
*Көз жүгүртүп узактан жаш келинге,*
*Кайра-кайра бир жигит отун жарат...*

*Балдар оонап бетеге, көк шиберге,*
*Баратышат кулунчак өсүү жерге.*
*Көк жайыкта жылкылар оюн салып,*
*Көк арчанын көйкөлөт көркү желге!*

*Боз үй жакта – кадимки желе турган,*
*Боз бээ такыр саадырбай тебет улам.*
*Сур улактан талашып эселек кыз,*
*Сүзмө куйган баштыкты эмет улам...*

*Тобурчактын түтүнү ийрелеңдей,*
*Тоого качат жалын бий бийлегендей.*
*Ызаланат калаадан келген бирөө,*
*Ыштап аткан чаначы «ийге келбей»...*

*Кызгалдак көп: талаанын көркүн ачкан,*
*Көпөлөктөр гүл издейт бөртүп ачкан.*
*Алгыр бүркүт кез-кезде шаңшып коюп,*
*Аска-зоону айланат мөңгү баскан...*

*Ыргак менен ышкындар ыргалышып,*
*Ырдайт аба, токой, суу, жылга-жыбыт.*
*Сулуулукка суктанып жада калса,*
*Суур олтурат былк этпей кырга чыгып...*

*Кескелдирик таштардын кычыгына,*
*Кире качып, негедир кысылууда...*
*Шамал минип келатат, шамал минип,*
*Шыраалжындын, шыбактын жыты мы-*
*на!*

## ТҮНКҮ КАДР

*Айыл...*
*Аш-той...*
*Араң чыдап... эттен соң,*
*Элеттиктер туш тарапка тарашат.*
*Эки-экиден эптеп үйгө жеткен соң,*
*Эң негизги эрмеги эле саясат...*

*Түн...*
*Тынчтык жок...*
*Терезесин таш менен*
*Талкалаган бирөө тынбай бакырат.*
*Коңшунун да уулу бүгүн мас белем -*
*Колуктусу карган-шилеп басылат...*

*Үй...*
*Үкү көз...*
*Телефонго жармашып,*
*Төрт бөлмөдө төртөө жалгыз олтурат.*
*Беш томдукту көптөн бери чаң басып,*
*Башкы бетте "Ч.А." деген кол турат...*

*Күз...*
*Коңур түс...*
*Эрке жели тектирдин*
*Эбедейи эзилгиче ыр ырдайт.*
*Чет өлкөгө кызы кеткен кемпирдин*
*Чыйырчыктай небереси чырылдайт...*

*Дарак...*
*Дайра...*
*Аралашып шоокуму*
*Абалаган иттер коштойт заматта.*
*Корозордун канбай азыр моокуму*
*Кыйкырууга даяр турат таң атса...*

*Шам...*
*Шыбырак...*
*Ар кыл сөздөр сызылып,*
*Абысындар көрүнгөндү жамандайт.*
*Ат уурдаган эки жигит кысылып,*
*Абийирине башын катып алаңдайт..*

*Ай...*
*Ак шоола...*
*Түнкү сериал башталып,*
*Тентек балдар кирет терең уйкуга.*
*Күйөөсүнө жаңы келин каш кагып,*
*Күтүп жатат керебетте "кулпура"...*

*Түш...*
*Түйшөлүү...*
*Ач бөрүлөр тиш салып,*
*Атат көзгө насыянын үстөгү.*
*Ар кай жерде бүтпөй чала иш калып,*
*Акча сурайт соттун сүрдүү үстөлү...*

*Илдет...*
*Ийне...*
*Дарыгерлер жөтөлүп,*
*Дары-дармек издеп жүрөт уктабай.*
*Дербиш болгон бир "апенди" кежөлүп,*
*Дептерине ыр чиймелейт жупкадай...*

*От...*
*Оймок ооз...*
*Боздоп чөөгүн чоргосу,*
*Бир аздан соң күндөгүдөй таң атат.*
*Даарат алып берки айылдын молдосу,*
*Дүйнө салган аксакалга баратат...*

№10
(296)

27
10
2023

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 265.68 СОМ

**Кыргыз тили**

*Кыргыз Республикасынын*
*Президентине караштуу*
*Мамлекеттик тил жана тил саясаты*
*боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
Бактыгүл ӨМҮРАЛИЕВА
0(702) 52 59 42

КР Юстиция
министрлигинде
катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган
автордук материалдар
редакциянын көз
карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО
Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын
басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:**918
**Нускасы:** 4 100